
3-бет

## КТМУнун биринчи проректору, саясий и.к., доцент Ибраев жана проректор, PhD., профессор Доган ТҮРКСОЙдун медалы менен сыйланышты

*2024-жылдын 27-декабрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин чамгарагында "Кыргыз улуттук маданиятын негиздөөчүсү Касым Тыныстан уулу жана түрк дүйнөсүндөгү репрессия" аттуу маңыздуу илимий жыйын уюштурулду.*


# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ | НОЯБРЬ-ДЕКАБРЬ'24 / №97-САН | WWW.MANAS.EDU.KG


# АЗИЯНЫН АЛДЫҢКЫ УНИВЕРСИТЕТИ – "МАНАС"



**Эл аралык рейтингдерде тынымсыз жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып келе жаткан Кыргыз-Түрк "Манас" университети (КТМУ) 2025-жылы QS Борбордук Азия рейтингинде 10-орунду, QS Азия рейтингинде 230-орунду ээлеп, QS Туруктуулук рейтингине кирген Кыргызстандын алгачкы жана жалгыз университети болду.**



3-бет

### "Манас" университетине чоң сыймык

*Үстүбүздөгү жылдын 25-декабрында "Кыргыз Туусу" басма үйүнүн 100 жылдыгына карата уюштурулган "Жыл мыктылары" конкурсунун...*


4-бет

### Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү: Куттуу жүрүш

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, 7-8-ноябрь Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрүнө карата...*


14-бет

### "Манас" университети Борбор Азиядагы жогорку окуу жайлардын ректорлорунун форумуна катышты

*2024-жылдын 20-ноябрында Бишкектеги "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында Кара-Кыргыз автономиялык облусунун 100 жылдыгына...*


22-бет

### "Манас" университетинин жылдыздары президенттик стипендияга ээ болушту

*2024-жылдын 16-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров жогорку окуу жайлардын мыкты деп табылган 90 студентине президенттик стипендия...*

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ

# Азиянын алдыңкы университети – “Манас”

*Эл аралык рейтингдерде тынымсыз жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып келе жаткан Кыргыз-Түрк “Манас” университети (КТМУ) 2025-жылы QS Борбордук Азия рейтингинде 10-орунду, QS Азия рейтингинде 230-орунду ээлеп, QS Туруктуулук рейтингине кирген Кыргызстандын алгачкы жана жалгыз университети болду.*

QS WORLD UNIVERSITY RANKINGS

***Эл аралык деңгээлдеги тарыхый ийгиликтер***

Акыркы беш жыл ичинде жүргүзүлгөн үзгүлтүксүз аракеттердин натыйжасында КТМУ эл аралык деңгээлге чыгууда окуу жайдын тарыхындагы эң чоң ийгиликтерди багындырды. Бул жетишкендиктерге университеттин академиялык жана иш берүүчүлөр арасындагы кадыр-баркынын жогорулашы, факультет/студент катышынын жогорулашы, ар бир окутуучунун илимий шилтемелеринин көбөйүшү, эл аралык окутуучулардын жана студенттердин пайыздык көрсөткүчтөрүнүн өсүшү чоң таасир этти. КТМУ академиялык мыктылыгы, изилдөө иштери жана эл аралык деңгээлде таанымалдыгы менен өзүнүн көрүнүктүүлүгүн бир кыйла арттырды.

***Туруктуулукта лидерлик***

КТМУ академиялык ийгиликтеринен сырткары, туруктуулук жаатында да чоң ийгиликтерге жетишип, өлкөдө алдыңкы ЖОЖго айланды. Университет экологиялык таасир, социалдык таасир жана башкаруу ченемдеринде мыкты көрсөткүчтөрдү камсыздап, QS Туруктуулук рейтингинде орун алган Кыргызстандын алгачкы жана жалгыз университети катары таанылды.

***Дүйнөлүк брендге айлануу максаты/багыты***

Эл аралык абройлуу QS рейтингинде үч жыл катары менен дүйнөнүн эң мыкты 1000 университетинин катарына кирген, QStин 4 жылдыздуу университеттери арасына кошулган, Азия боюнча QS рейтингинде 230-орунга, Борбордук Азия рейтингинде 10-орунга көтөрүлгөн, туруктуулук жаатында Кыргызстандын лидери деп табылган, заманбап тилдерди окутуу тармагында дүйнөнүн мыкты университеттери катарында орун алган жана Times Higher Education рейтингинде жогорку саптарды ээлеген КТМУ, эл аралык жетишкендиктери менен Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын алгачкы жолу дүйнөлүк платформага алып чыкты. Университет өзүнүн “дүйнөлүк бренд” болуу максатына тездик менен жакындап баратат.

***Ишенимди актаган университет***

Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдоган менен Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун көздүн карегиндей баалаган жана өзгөчө көңүл бурган “Манас” университети, эки мамлекеттин чоң колдоосуна таянып, эл аралык деңгээлде жогорку жетишкендиктерге жетүү менен негиздөөчүлөрдүн жана түрк дүйнөсүнүн көрсөткөн ишенимин актады.

Президент Режеп Тайып Эрдогандын “дүйнөлүк бренд болуу” деп мүнөздөгөн көрөгөчтүк максатына жетүүнү көздөгөн КТМУ, аймактагы лидерлик жана атаандаштык артыкчылыктарын көрсөтүү менен дүйнөлүк деңгээлде алдыңкы университет болууга толук мүмкүнчүлүк бар экенин далилдеди. Бул жетишкендиктери менен КТМУ Кыргызстандын жана аймактын жогорку билим берүү тармагындагы эң алдыңкы жана абройлуу окуу жайына айланды.



# “Манас” университетине чоң сыймык







*Үстүбүздөгү жылдын 25-декабрында “Кыргыз Туусу” басма үйүнүн 100 жылдыгына карата уюштурулган “Жыл мыктылары” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болуп өттү.*

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан чет өлкөдө болгондуктан аземге КТМУнун атынан проректор, PhD., профессор Режаи Доган катышты. Сыйлык тапшыруу аземи PhD., профессор Доган менен катар билим берүү, саясат, маданият жана медиа сыяктуу бир катар тармактардын өкүлдөрүнүн катышуусунда өттү.

Салтанаттуу иш-чарада өлкөнүн руханий-маданий, гуманитардык жактан өнүгүшүнө кошкон зор салымы жана билим берүү тармагындагы жетишкендиктери үчүн Билим берүүнүн флагманы, Кыргыз-Түрк “Манас” университети “Кыргыз Бренди” номинациясына ээ болду.

КТМУга берилген “Кыргыз Бренди” сыйлыгын проректор, PhD., профессор Режаи Доган ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейландын ордуна алды.

“Кыргыз Туусу” гезитине берген маегинде проректор, PhD., профессор Режаи Доган Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин аркасында Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда бир туугандык жана достук байланыштар түзүлгөнүн белгилеп, буларга токтолду: “Бул достук мамилелер билим берүү тармагында маанилүү өнүгүүлөргө себеп болду. “Манас” университети бүгүнкү күндө Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда гана эмес, түрк дүйнөсү арасында да достук көпүрөлөрдүн түптөлүшүндө абдан маанилүү милдетти жана жоопкерчиликти аткарат.”

“Айрыкча, “Кыргыз Туусу” гезити аркылуу алганыбыз да бул сыйлыктын баасын дагы, маанисин дагы арттырат”, – деген проректор “Манас” университети мындан ары да берилгендик менен Кыргызстан жана түрк дүйнөсү үчүн кызмат кыла берерин белгиледи.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети алган бул маанилүү сыйлык билим берүү жана маданият тармагындагы алдыңкы ролун бекемдеп, Борбор Азиянын жаркыраган жылдызы экенин дагы бир жолу далилдеди.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ

# КТМУнун биринчи проректору, саясий и.к., доцент Ибраев жана проректор, PhD., профессор Доган ТҮРКСОЙдун медалы менен сыйланышты







2024-жылдын 27-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чамгарагында “Кыргыз улуттук маданиятын негиздөөчүсү Касым Тыныстан уулу жана түрк дүйнөсүндөгү репрессия” аттуу маңыздуу илимий жыйын уюштурулду.

Аталган өзгөчө иш-чаранын алкагында КТМУнун биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев жана проректор, PhD., профессор Режаи Доган түрк дүйнөсүнүн орток маданиятына, цивилизациясына жана тарыхына кошкон баалуу салымы үчүн Түрк маданиятынын эл аралык уюму тарабынан ТҮРКСОЙдун медалы менен сыйланышты.

Сыйлык тапшыруу аземине катышкан ТҮРКСОЙдун башкы катчысы Султан Раев түрк маданиятына жана биримдигине болгон байланыштардын белгиси катары бул престиждүү медалдарды тапшырды.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ

# Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү: Куттуу жүрүш

***Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, 7-8-ноябрь Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрүнө карата 2024-жылдын 12-ноябрында "Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинде эскерүү иш-чарасын уюштурду.***






"Манас" университети тарабынан экинчи жолу уюштурулган аталган маанилүү эскерүү иш-чарасына Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Гүлбара Абдыкадырова, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Назаркул Ишекеев, "Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинин директору Болот Абдырахманов, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, ректордун кеңешчилери PhD., Кемал Полат жана доцент Сейил Нажимудинова, академиялык, административдик кызматкерлер, студенттер жана басма сөз кызматкерлери катышты.

***"Ата-Бейитте" биримдик жана боордоштук билдирүүсү***

"Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинде уюштурулган эскерүү иш-чарасы көркөм атмосферада өткөрүлдү.

Катышуучулар "Ата-Бейит" эстелигин көздөй кыргыз жана түрк желектери, репрессия курмандыктарынын сүрөттөрү жана тарыхый аң-сезимге басым жасаган транспаранттардын коштоосунда басышты. Бул маанилүү жүрүш кыргыз-түрк боордоштугун жана достугун көрсөтүү менен гана чектелбей, ошол эле учурда эки өлкөнүн орток баалуулуктарына карата байланыштарын бекемдеди.

Жөө жүрүштөн кийин 1938-жылдагы репрессия курмандыктарынын жана Чыңгыз Айтматовдун мүрзөсүнө гүлчамбарлар коюлду. "Манас" университети үй-бүлөсү куран окуп, курман болгон баатырларды урматтоо менен эскерди.

Эскерүү иш-чарасы эки өлкөнүн улуттук гимндери жана ачылыш сөздөрү менен уланды.

***"Эгерде сенин эстей турган өтмүшүң жок болсо, анда сен маңкуртсуң"***

Биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев өз сөзүндө "Манас" университети эскерүү күндөрүнө карата өзгөчө иш-чара өткөрүп жатканын белгилеп, "Бүгүнкү күндө биз улуттун жана мамлекеттин калыптанышына салым кошкон ата-бабаларыбызды, келечек муун үчүн ак эмгегин, күч-кубатын, билимин жана өмүрүн арнаган репрессиянын курмандыктарын эскерип отурабыз. Биздин милдетибиз - алардын рухуна багыштап куран окуу", - деди.

Тарыхый окуялардын маанилүүлүгүн белгилеген биринчи проректор сөзүн мындай деп улантты: "Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун негизделгенине быйыл 100 жыл болду. Ата-бабаларыбыз, айдыңдарыбыз мамлекеттүүлүккө умтулуп, ушул күнгө жетүү үчүн канчалаган кыйынчылыктарды баштан өткөрүштү. 1924-жылдын 7-ноябрында биздин алдыңкы интеллигенция өкүлдөрүнүн арты менен өз мамлекетибиз түптөлдү, Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлдү."

"Эгерде сенин эстей турган өтмүшүң жок болсо, анда сен маңкуртсуң. Эч качан маңкурт болбошубуз керек. Биз өзүбүздүн кылым карыткан тарыхыбыз менен сыймыктанышыбыз керек. Ата-бабаларыбыз мурас кылып бизге мамлекет менен тамыры терең маданият калтырып кетишти. Биз дагы кийинки урпактарга аманат катары өткөрүп беришибиз керек", - деген саясий и.к., доцент Ибраев иш-чаранын катышуучуларын келечекти ойлонууга чакырды.











Бардык нерсе тилден, дилден, маданияттан жана тарыхтан башталарын айткан биринчи проректор аталган иш-чараны уюштурууга салым кошкон ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейланга жана окуу жайдын жалпы жамаатына ыраазычылык билдирип, жогорку окуу жайларда билим берүүгө гана эмес, тарбиялык мааниси бар иш-чараларга да көңүл буруулусу керектигине көңүл бурду.

***"Ата-Бейит" эстелигинде***

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан окуу жайдын студенттери акылдуу жана эмгекчил экенин, алардын жетишкендиктери менен сыймыктанарын белгилеп, "Студенттердин жетишкендиктери менен сыймыктанабыз. Алардын акылдуу жана эмгекчил болгону гана эмес, ошол эле учурда адеп-ахлактары менен тарыхына, маданиятына урмат көрсөтүп, көпчүлүктөн обочолонуп тургандыгы сыймык тартуулайт" , - деди.

Ректор, PhD., профессор Жейлан өткөндү урматтоо жана эгемендүүлүк күрөшүнүн маанилүүлүгүнө токтолуп, "Бүгүн бул жерде, "Ата-Бейит" эстелигинин, ата-бабаларыбыздын эстелигинин алдында чогулуп, аларды урматтоо менен эскерип, идеалдарын уланып кетүүгө болгон каалообузду дагы бир ирет чечкиндүүлүк менен билдирип жатабыз. Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрүндө Кыргызстанда баскынчылыкка каршы туруштук берип, сүргүндөргө жана геноциддерге карабай тирүү калуу эрктүүлүгүн көрсөткөн, жан аябай эркиндик үчүн күрөшкөн, кийинки муундарга бул күрөштү мурас калтырган ардактуу адамдарды эскерүүдөбүз", - деп айтты.

***"Тамыры терең байланыштар - келечегибиздин кепилдиги"***

Боордош эки өлкөнүн оор мезгилдерде бири-бирине көрсөткөн колдоосун айткан PhD., профессор Жейлан: "Тамыры терең тарыхыбыз, байланыштарыбыз бизди кайгы-капада да, кубанычта да бир болууга жана биргеликте аракеттенүүгө милдеттүү кылууда. Тарыхтын бардык кыйынчылыктарын жана тоскоолдуктарын тилектештик дем менен жеңе алдык. Бул жерде биз дагы бир жолу ата-бабаларыбызга болгон урмат-сыйыбызды жана жаркын келечекке алып бара турган боордоштук байланыштардын маанилүүлүгүн билдирип жатабыз. Өткөн тарыхыбызды бириктирген бул байланыш келечекте биздин биримдигибиздин жана тилектештигибиздин кепилдиги болот деп ишенебиз",-деди.

***"Биздин университет келечек муундарга боордош эки өлкөнүн орток идеалын жеткирүүдө"***

Ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан университет кыргыз жана түрк жаштарын жана аларды орток идеалдардын айланасында бириктирип жатканын айтып, буларга токтолду: "Боордош эки өлкөнүн ортосундагы достуктун жемиши болгон окуу жайыбыз кыргыз жана түрк жаштарын, аларды жалпы идеалдуу горизонттун тегерегинде бириктирип келечектеги түрк дооруна даярдап жатат. Биз баатыр ата-бабаларыбыз калтырган мурасты алып жүрүүгө жана аны келечек муундарга өткөрүп берүү үчүн маданиятыбызды, тилибизди, тарыхыбызды жана орток баалуулуктарыбызды түбөлүккө сактап калууга ант бердик. Айтматов чыгармаларында айткандай, жаштардын манкурт болбошун, ошондой эле Гази Мустафа Кемал Ататүрк да белгилегендей, биз жаштардын эркин акыл, эркин абийир, эркин даанышмандыкка ээ муундар болушун каалайбыз жана учуру келгенде алардын ордунан туруп, оккупацияга жана империализмге чечкиндүү түрдө: "же көзкарандысыздык же өлүм" деген дем менен каршы турушун каалайбыз. Биз түрк дүйнөсү дүйнө жүзү боюнча илимдин, маданияттын жана искусствонун борбору болушун каалайбыз."

Ректор Жейлан сөзүн төмөндөгүдөй жыйынтыктады: "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү кыргыз эли, жалпы түрк дүйнөсү үчүн биримдиктин, боордоштуктун күндөрү болушун каалайбыз. Урматтуу ата-бабаларыбызды терең урматтоо менен эскеребиз. Алардын жаткан жерлери жайлуу болсун. Түркия менен Кыргызстандын достугу жана боордоштугу түбөлүк жашасын!"

Иш-чара КТМУнун гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн ага окутуучусу, тарых и.д., профессор Кубатбек Табалдиев өткөн ачык сабак менен уланды.

Анда профессор Табалдиев кыргыз тарыхында жалпы эл эсине сала турган учурлар арбын экенин белгилеп, алардын бири 1938-жылдагы Чоң-Таш окуяларына токтолуп, күндүн маанисине жана маанилүүлүгүнө байланыштуу маалыматтар менен бөлүштү. Профессор өз сөзүндө "Ата-Бейиттин" ачылышы Бүбүйра Кыдыралиева калтырган маалыматтардын негизинде, тагыраагы, оозеки тарых менен байланыштуу экенин билдирди.

Эскерүү иш-чарасы эстеликке жамааттык сүрөткө түшүү менен соңуна чыкты.









# "Манас" университети 10-ноябрь - Ататүрктү эскерүү иш-чарасына катышты

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ

*Түркия Республикасынын негиздөөчүсү, улуу лидер Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн кайтканынын 86 жылдыгына карата Түркиянын Кыргызстандагы элчилиги тарабынан "Ататүрк" сейил багында гүлчамбар коюу аземи уюштурулду.*

Иш-чарага Түркия Республикасынын Кыргыз Республикасындагы элчиси Ахмет Садык Доган, элчиликтин жана ага караштуу мекемелердин өкүлдөрү, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, Phd., профессор Алпаслан Жейлан, академиялык жана административдик кызматкерлер, студенттер, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчилигине караштуу мекемелердин окутуучулары менен окуучулары, түрк уюмдарынын жетекчилери жана басма сөз кызматынын өкүлдөрү катышты.

Иш-чара Ататүрктүн эстелигине гүлчамбар коюу менен башталды. Алгач Түркия Республикасынын Кыргыз Республикасындагы элчиси Ахмет Садык Доган элчиликтин атынан гүлчамбар койду. Андан соң ТКТРнын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректораты, Режеп Тайып Эрдоган атындагы Бишкек Кыргыз-Түрк достугу ооруканасы, Түрк кызматташуу жана координациялоо агенттиги, Түркия-Кыргызстан ишкерлер коому жана Кыргызстандагы Ахыска түрктөр коому гүлчамбарларын коюшту.

Саат 9:05те улуу лидер Мустафа Кемал Ататүрктү жана шейиттерди сиренанын коштоосунда эки мүнөттүк эскерүү болуп, андан соң Түркиянын гимни аткарылды.

Түркия Республикасынын Кыргыз Республикасындагы элчиси Ахмет Садык Доган аземде сүйлөгөн сөзүндө буларга токтолду: "Бүгүн, Боштондук согуштун башкы колбашчысы жана республиканын негиздөөчүсү Гази Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн кайтканынын жылдыгында аны менен бирге күрөшкөн бардык баатырларды, ардагерлерди жана шейиттерди терең урматтоо жана ыраазычылык менен эскеребиз. Биз мекен үчүн миңдеген жылдар бою күрөшкөндөрдүн жаркын элесин сыйлайбыз."

Элчи Доган Ататүрктүн көз карандысыздык үчүн күрөшү менен түрк элине жаңы горизонтторду ачкандыгын баса белгилеп, "Ататүрк негиздеген республикага эң чоң салым – биримдигибизди, тилектештигибизди жана боордоштугубузду бекем коргоо", - деди. Ошондой эле мекен, желек, улут жана эркиндик сыяктуу түрк тарыхынын бүтүндүгүндөгү баалуулуктардын маанилүүлүгүнө көңүл буруп, мындай деп улантты: "Бардык түрк жазуулардан Гази Мустафа Кемал Ататүрктүн Нутукка чейин, Тонюкуктан Зия Гөкалпка чейин, Мехмет Акифтен Назым Хикметке чейин баарында жалпы баалуулуктар бар: мекен, желек, улут жана эркиндик. Республиканы ишеним көрсөтүп тапшыргандарга татыктуу болуу үчүн ар бир тармакта күнү-түнү иш алып барууну токтотпойбуз. Биз тарыхты биримдик ичинде окуп, өткөндөн сабак алып, жаңы горизонттторго багыт алышыбыз керек."

Ататүрктүн эстелигине гүлчамбар коюу аземи сүрөткө түшүү менен соңуна чыкты.



# КТМУнун ректору менен биринчи проректору Министрлер Кабинетинин төрагасы Жапаровдун эл аралык рейтингге кирген университеттердин жетекчилери менен жолугушуусуна катышты

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети эл аралык платформалардагы жетишкендиктери менен алдыңкы билим берүү мекемеси болууну улантууда.*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров QS Азия өлкөлөрүндөгү жогорку окуу жайлардын рейтингине кирген өлкөнүн алдыңкы университеттеринин ректорлору менен жолугушту. Жолугушууга Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев да катышты.

Акылбек Жапаровдун өз сөзүндө биринчи жолу байкалардык жыйынтык болгонун, бул жогорку билим берүү тутумунун жаңы өнүгүүсүнүн маанилүү далили экенин белгилеп, сөзүн мындай деп уланты: "Биздин жалпы максат — дүйнөлүк жогорку стандарттарга жооп берген күчтүү, атаандаштыкка жөндөмдүү университеттерди түзүү. Ошондой эле аймактын билим берүү жана илимий потенциалын жигердүү өнүктүрүү болуп саналат. Анткени ансыз бүткүл Кыргызстанды модернизациялоого жетишүү мүмкүн эмес."

Жапаров өз сөзүндө билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, илимий активдүүлүктү стимулдаштыруу, чет өлкөлүк университеттер менен кызматташууда эр аралык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, инновациялык жана технологиялык стартаптарды колдоо, лабораторияларды жана окуу мекемелерин модернизациялоо, академиялык репутацияны жогорулатуу боюнча иштерди улантуу керектигин баса белгиледи.

***КТМУ- Кыргызстандын эң мыкты университети***

Белгилей кетсек, аталган рейтингге Кыргызстандын 6 университети кирди. Анда Кыргыз-Түрк "Манас" университети 230-орунга кирип, Кыргызстанда биринчи орунду камсыздоо менен өлкөнүн алдыңкы университети экенин дүйнөлүк деңгээлде дагы бир ирет далилдеди. Ал эми Ош мамлекеттик университети жана Борбордук Азиядагы Америка университети — 260-орунда, Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети — 333-орунда, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети — 381-орунда турат.

Мындан тышкары, Борбордук Азиядагы 65 университеттин ичинен КТМУ 10-орунда, ОшМУ жана БААУ 13-орунда, КРСУ— 19-орунда, КМТУ жана КУУ— 25-орунда турушат.

Эл аралык рейтинге жогорку окуу жайлар академиялык кадыр-баркы, иш-берүүчүлөрдүн арасында кадыр-баркы, студенттер менен профессордук-окутуучулар курамынын сандык айкалышы, чет элдик окутуучулар менен студенттердин саны, илимий даражалуу кызматкерлердин саны, интернет-ресурстарынын натыйжалуулугу, жарыкка чыккан макалалардын профессордук-окутуучулар курамынын ар бир кызматкерине туура келчү саны аркылуу жетишти.

***КТМУ - "Университеттен да артык"***

"Манас" университети студентке багытталган ыкманы колдонуу менен студенттердин билим жана көндүмдөрдү гана алып тим болбостон, ошол эле учурда өзүнө ишенген, жаратман инсан болуп өсүүсүн камсыз кылууну көздөйт. "Университеттен да артык" урааны менен жолго чыккан университет Кыргызстанга ар бир тармакта салым кошууга умтулуп, өнүгүүнүн жана инновациянын алдыңкылары болууда лидерлигин улантууда.

















# “Манас” университетинде “Климаттын өзгөрүшү жана анын таасирлери” аттуу илимий жыйын уюштурулду

*Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин айыл чарба факультети тарабынан 2024-жылдын 1-ноябрында “Климаттын өзгөрүшү жана анын таасирлери” аттуу илимий жыйын өткөрүлдү.*

Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында уюштурулган иш-чара 2024-жылдын 11-22-ноябрь күндөрү Азербайжандын борбор калаасы Бакуда өтө турган БУУ Климат конференциясына даярдануу болду.

Илимий жыйынга КТМУнун проректору, PhD., профессор Режаи Доган, айыл чарба факультетинин деканы, PhD., профессор Ахмет Айгүн, гуманитардык факультетинин деканы, PhD., профессор Алпаслан Ашык, профессордук-окутуучулук курам жана студенттер катышты.

“Климаттын өзгөрүүсү глобалдык көйгөй”

Илимий жыйындын ачылыш сөзүн сүйлөгөн проректор PhD., профессор Режаи Доган өнөр жай төңкөрүшүнөн кийин атмосферадагы өзгөрүү ылдамдыгынын жогорулаганын белгилеп, бул абалдын эң чоң себебинин парник газдарынын топтолушу экенин баса белгиледи. Климаттын өзгөрүүсү аймактык гана эмес, глобалдык көйгөй экенин баса белгилеген PhD., профессор Доган бул темада бардык өлкөлөрдүн жоопкерчиликтүү экенин белгиледи.

Климаттын өзгөрүшү тамак-аштан ден соолукка, урбанизациядан инфраструктуралык инвестицияга чейин кеңири чөйрөгө таасир эткенин белгилеген PhD., профессор Доган: “Бул Кыргызстандын, Африканын же Европанын гана маселеси эмес; дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдүн орток көйгөйү”, - деди.

***“Келечек муундарга ишенимдүү планета таштатышыбыз керек”***

Климат кризиси тууралуу дүйнө жүзү боюнча маалымдуулукту арттыруунун маанисине көңүл бурган проректор Доган: “Биз бир планетада жашайбыз жана бул процесс адам өмүрүн коркунучка салган деңгээлге жетти, келечек муундарга коопсуз планета калтыруу үчүн жоопкерчиликтүү болушубуз керек”, - деди.

Иш-чаранын климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу маалымдуулугун арттырып, илимге баалуу салым кошо турганын айткан PhD., профессор Доган иш-чараны уюштурган айыл чарба факультетине жана катышуучуларга ыраазычылык билдирди.

Илимий жыйында доц.м.а.док. Кубат Кемелов “Климаттын өзгөрүшүнүн себептери жана кесепеттери” аттуу баяндамасында климаттын өзгөрүшүнө себеп болгон факторлорду илимий өңүттөн талкуулады. Доц.м.а.док. Разия Абдиева “Кыргыздардын чарбачылыгында климаттын өзгөрүшүн кабылдоо” аттуу презентациясы менен климаттын өзгөрүшүн социалдык өңүтүнө токтолду. Доцент Эрен Өзден “Климаттын өзгөрүшүнүн айыл чарба өндүрүшүнө тийгизген таасири” аттуу баяндамасында климаттын өзгөрүшүнүн айыл чарба өндүрүшүнө тийгизген кесепеттерин карап чыкты. Климаттын өзгөрүшүнүн айыл чарба тармагына тийгизген таасирин кеңири айтып берип, бул тармакта кездешкен көйгөйлөр жана потенциалдык чечимдер менен бөлүштү.

Илимий жыйында климаттын өзгөрүшүнүн себептери, анын коомго чагылдырылышы жана айыл чарба өндүрүшүнө тийгизген таасири академиялык алкакта талкууланды.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ**

## “Манас” университетинин студенттери бел боо күрөшү боюнча дүйнөлүк чемпионаттан медалдар менен кайтты



2024-жылдын 10-13-ноябрь күндөрү Татарстандын Казань шаарында өткөн дүйнө чемпионатынан бел боо күрөшү боюнча Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин спорт илимдери факультетинин студенттери эл аралык аренада чоң ийгиликке жетишти.

Бул чоң мелдеште кыз-келиндер арасында спорт илимдери факультетинин 3-курсунун студенти Аземи Камчыбекова жана магистратура программасынын студенттери Бегай Бейшенаалы кызы менен Айжан Анарбекова мыкты көрсөткүчтөрү менен коло медаль жеңип алышты.

Бел боо күрөшү боюнча ийгиликти багындырган студенттер “Манас” университетин дүйнөлүк деңгээлде таанытышты.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ**



# “Манас” университетинде “Аймактык кызматташтыкты чыңдоо: Түрк мамлекеттер уюмунун Борбор Азиядагы жана тышкаркы ролу” аттуу тегерек стол болуп өттү

*Үстүбүздөгү жылдын 4-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректорлук жыйындар залында “Аймактык кызматташтыкты чыңдоо: Түрк мамлекеттер уюмунун Борбор Азиядагы жана тышкаркы ролу” аттуу тегерек стол болуп өттү.*

Аталган тегерек стол 6-ноябрда Бишкекте өткөн Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) он биринчи саммитине карата Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Түрк дүйнөсүн стратегиялык изилдөө борбору тарабынан уюштурулду.

Иш-чарага Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректор, PhD., профессор Камалбек Карымшаков, КР Тышкы иштер министрлигинин Казы Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиянын окутуучусу, профессор Айнур Жоробекова, Ибн Халдун университетинин Гейдар Алиев атындагы Евразия изилдөөлөр борборунун төрагасы, PhD., профессор Яшар Сары жана борбордун мүчөсү, док. Нажиба Мустафаева, ЭККУ Академиясынын окутуучусу Шайырбек Жураев, профессордук-окутуучулук курам жана студенттер катышты.

***“Түрк мамлекеттер уюму аймактык өнүгүүдө негизги роль ойнойт”***

Тегерек столдун ачылышында сөз сүйлөгөн КТМУнун биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев Түрк мамлекеттер уюмунун түптөлүү максатына токтолуп, анын мамлекеттер ортосундагы тарыхый жана маданий байланыш, экономикалык кызматташтык жана коопсуздук маселесиндеги ролун, билим берүү жана маданият жаатында алып барган иштерин баяндап, ТМУнун Борбор Азиянын туруктуу өнүгүүсүнө кошкон салымы тууралуу кенен маалымат берип өттү.





Саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев бүгүнкү күндө Түрк мамлекеттер уюму дүйнөдө таанылган жана түрдүү аймактык долбоорлорго салым кошуп, өзүнө мүчө өлкөлөрдүн экономикалык, маданий жана социалдык өнүгүүсүнө чоң жардам берип жатканын айтып, анын Борбор Азиядагы аймактык кызматташтыкты бекемдөө үчүн өзгөчө мааниге ээ экенин баса белгиледи.

***“Аймактык кызматташтыкты чыңдоо үчүн активдүү роль ойношубуз керек”***

“Биз, аймакта жашаган элдер, бул уюмдун мүчөлөрү катары аймактык кызматташтыктын бекемделишине жана ар түрдүү тармактарда кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларга активдүү катышууга милдеттүүбүз”, - деген биринчи проректор Кыргыз-Түрк “Манас” университети да билим берүүдө, илимий изилдөөлөрдө, маданият жаатында кызматташууда кеңири салым кошот деген ишеничин билдирди.

***“Түрк маданияты 5000 жылдык байыркы мурасты камтыйт”***

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан өз сөзүндө түрк маданиятынын тамырынын тереңдигине көңүл буруп, мындай деди: “Түрк маданияты дүйнөдөгү эң байыркы маданияттардын бири. Негизи, айрым окумуштуулар, жада калса, бюрократтар 1000 жылдык тарыхтан сөз кылышат. Албетте, 1000 жыл 15-20, 100-200 жыл мурун түптөлгөн мамлекеттерге салыштырмалуу көп болушу мүмкүн, бирок түрк мамлекети 5000 жылдык маданиятты камтыйт. Түрк маданияты Алтай тоолорунан башталып, Монголияда өнүгүп, акыры уюм болуп түзүлгөн мамлекеттер түптөгөн бир маданият. Ошондуктан 1000 жылдык маданият биздин кенчибиздин бир гана бөлүгүн түзөт.”

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ**

***“Түрк маданияты келечекке ташыла турган байыркы мурас”***

PhD., профессор Жейлан түрк улуту дүйнөдөгү тамыры терең улуттардын бири экенин белгилеп, “Бул биз үчүн сыймык. Бирок маданият жашатса гана жашайт, тагыраагы, өзүңүздөрдүн маданияттан алыстап кетсеңиздер, маданият жашабайт, жок болуп кетет.” Маданий империализм бүгүнкү күндө зор коркунуч болуп калгандыгын белгилеген ректор: “Бул таасир үйүбүзгө чейин кирди; алгач телевизорлор менен башталса, азыр телефондор менен жаныбызда. Ошондуктан өзүбүздүн маданиятыбызды коргоп, аны менен жашашыбыз керек. Өтмүшү жоктордун келечеги да жок; бутагынан үзүлгөн жалбырактын келечегин шамал аныктайт. Тамырыбызды коргобосок, катардагы, идентүүлүгү жок бирине айланабыз”, - деди.

Түрк мамлекеттер уюмунун аймактагы кызматташтык жана биримдикке салым кошкон иштерине көңүл бурган ректор Жейлан мындай жолугушуулардын биримдик рухунун күчөшүндөгү ролуна басым жасады.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин “Аймактык кызматташтыкты чыңдоо: Түрк мамлекеттер уюмунун Борбор Азиядагы жана тышкаркы ролу” темасындагы талкууга кезек берилип, тегерек стол проректор, PhD., профессор Камалбек Карымшаковдун модераторлугунда өткөрүлдү. Биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, КР Тышкы иштер министрлигинин Казы Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиянын окутуучусу, профессор Айнур Жоробекова, Ибн Халдун университетинин Гейдар Алиев атындагы Евразия изилдөөлөр борборунун төрагасы, PhD., профессор Яшар Сары жана борбордун мүчөсү, док. Нажиба Мустафаева, ЭККУ Академиясынын окутуучусу Шайырбек Жураев тегерек столдун жүрүшүндө баяндама жасашты.

Баяндамачылар Түрк мамлекеттер уюмунун аймактык кызматташтыкты чыңдоодо маанилүү ролго ээ болгонун баса белгилеп, мамлекеттер ортосундагы кызматташтыктын абалы жана келечеги жөнүндө пикир алмашышты.

# Ректор Жейлан TRT Avaz “Евразия күн тартиби” программасына маек берди

*Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан 2024-жылдын 4-ноябрында TRT Avaz телеканалынын “Евразия күн тартиби” программасына түз эфирде катышып, Жошкун Өзөндүн суроолоруна жооп берди. Профессор Жейлан университеттин ийгиликтери, Түрк мамлекеттери уюмунун ролу жана Түрк дүйнөсүнө болгон салымдары тууралуу маанилүү билдирүүлөрдү жасады.*




***“Манас” университетинин ийгиликтүү тарыхы жана 30 жылдык сыймыгы***

1995-жылы негизделген “Манас” университети 2025-жылы 30 жылдык маарекесин белгилөөгө даярданып жатат.

Ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан “Манас” университети жаш курагына карабастан, эл аралык деңгээлде жетишкен ийгиликтери менен дүйнөдөгү алдыңкы 1000 университеттин катарына киргенин жана болжол менен 6500 студентти келечектин лидерлери катары тарбиялап жатканын баса белгиледи. Университет дүйнөлүк рейтингде алдыңкы 800 университеттин катарында келе жатканын жана бул чоң ийгилик экенин баса белгилеп, “Президенттин биздин университетке болгон өзгөчө көңүл буруусу бизди сыймыктантып, мотивациябызды күчөтөт. “Манас” университети катары аларга терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз”, – деди.

***Боордоштук негизиндеги өнүгүү***

Түркия Республикасынын президенти Режеп Тайып Эрдогандын “Манас” университетине көрсөткөн өзгөчө көңүл буруусун белгилеген профессор Жейлан бул колдоонун университеттин өнүгүүсүнө чоң салым кошуп жатканын айтты. Профессор Жейландын айтымында, президент Режеп Тайып Эрдоган университеттин ар бир долбооруна өзгөчө көңүл бурат жана “Урматтуу президенттин колдоосу бизге чоң дем берип, анын көңүл буруусу иштөөгө болгон каалообузду арттырат”, – деди.

Профессор Жейлан 2021-жылдын 12-ноябрында Стамбулда негизделген Түрк мамлекеттери уюмунун максаты мамлекеттер аралык биримдик түзүү менен катар Ислам дүйнөсүнө тынчтык жана боордоштук билдирүүсүн жеткирүү экенин белгиледи. “Түрк мамлекеттеринин ортосундагы боордоштук сезими эми бекемирээк негиздерге таянып жатат. Түрк мамлекеттеринин ортосундагы бажы биримдиги жана алфавит биримдиги сыяктуу долбоорлор кызматташтыкты бекемдеген маанилүү кадамдар болуп эсептелет. Уюштурулуп жаткан долбоорлор маданий жана экономикалык байланышыбызды дагы да күчөтөт. Тарых бою түрк мамлекеттери биргелешип аракеттенгенде күчтөнүп, бул күч менен тынчтык жана адилеттүүлүк орногонун көрүп келдик”, – деди ректор Жейлан.

***Билим берүү жана маданияттагы кызматташтык: “Манас” университетинин үлгүсү***

Түрк мамлекеттери арасында билим берүүдө бирдиктүүлүктүн зарылдыгын баса белгилеген ректор Алпаслан Жейлан, “Манас” университетинин бул жааттагы лидердик ролуна өзгөчө көңүл бурду. “Манас” университетинин бүтүрүүчүлөрүнө иш табуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылып, эл аралык деңгээлде таанылган билим берүү сапаты менен Борбордук Азиядагы эң көрүнүктүү билим берүү мекемелеринин бири болуп эсептелерин айтты. “Билим берүү биримдигинин мыкты мисалдарынын бири – бул “Манас” университети. Биз Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы бул билим берүү көпүрөсүн бүткүл Түрк дүйнөсүнө жайылтууну максат кылып жатабыз. Биздин бүтүрүүчүлөр иш издөөгө муктаж болбой, жогорку деңгээлде квалификацияланган адистер катары карьерасын башташат”, – деп ректор  Алпаслан Жейлан университеттин студенттерине көрсөтүлгөн мүмкүнчүлүктөрдү белгилеп өттү.

***Маданий бөлүшүү үчүн жалпы негиз: Айтматов жана түрк адабияты***

Ректор Алпаслан Жейлан маекте Түрк дүйнөсүнүн маданий баалуулуктарын бөлүшүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, дүйнөгө белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары түрк жаштары үчүн жеткиликтүү болуусунун жалпы маданий негизди өнүктүрүү үчүн чоң кадам экенин билдирди. Алфавит биримдигинин мындай маданий өз ара байланыштарды чыңдоого кошкон салымын баса белгилеген профессор Жейлан: “Айтматовдун чыгармалары сыяктуу түрк дүйнөсүндөгү философиялык ой-пикирлер жана адабий эмгектер жалпы негизде биригүү үчүн күчтүү көпүрө болот”, – деп билдирди.

***Келечектеги саммитке даярдык жана Түрк дүйнөсү үчүн  жакшы кабарлар***

Ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан Түрк дүйнөсү уюмунун саммити түрк мамлекеттеринин ортосундагы байланыштарды дагы бекемдей турганына ишенимин билдирип: “Бул саммиттин жыйынтыктары Түрк дүйнөсүндө жаңы доордун башталышын жар салат. КТМУ (Кыргыз- Түрк “Манас” университети) катары биз бул улуу биримдиктин билим берүү тармагындагы өкүлү болууну сыймыктануу менен кабыл алабыз”, – деп кошумчалады.

***Теңир-Тоо койнундагы алтын көпүрө***

Профессор Алпаслан Жейлан “Манас” университети Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда гана эмес, Түрк дүйнөсүндө билим берүү тармагындагы “Алтын көпүрө” миссиясын аткарып жатканын баса белгиледи. Ага кошумчалай ректор Алпаслан Жейлан : “Теңир-Тоо түрк элинин жана түрк маданиятынын эң терең издерин сактаган, ошондой эле жалпы тарыхтын маанилүү символу болуп саналат. Бул жерде негизделген “Манас” университети Түрк дүйнөсүндө билим берүү көпүрөсү катары ишин улантат. Бул миссияны бүткүл Түрк дүйнөсүнө жайылтуу – биздин эң чоң максатыбыз”, – деп сөзүн жыйынтыктады.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**



# “Эл аралык рейтингтерде алдыңкы орундарды көздөй: Академиялык кызматкерлердин ролу жана стратегиялар” аттуу семинар болуп өттү






*Үстүбүздөгү жылдын 15-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында “Эл аралык рейтингтерде алдыңкы орундарды көздөй: Академиялык кызматкерлердин ролу жана стратегиялар” деген темада семинар болуп өттү.*

Семинарды Ататүрк университетинин коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнүн башчысы жана корпоративдик коммуникациялар боюнча директор, PhD., профессор Бесим Йылдырым өтүп, ага КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, ректордун кеңешчилери PhD., профессор Кемал Полат, доцент Сейил Нажимудинова жана профессордук-окутуучулук курам катышты.

Аталган иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөгөн ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан окуу жайдын мындан аркы милдети - боордош эки өлкөнүн ажолору алдыга койгон максаттарга ылайык, дагы да жакшысын аткарууга умтулуу жана аны ишке ашыруу экенин баса белгилеп, “Токтобойбуз! Жолубузду улантабыз. Эң негизги жүк биздин профессордук-окутуучулук курамда. Албетте, биздин эң негизги милдетибиз - ийгиликтүү, акылдуу балдарыбызга эң мыкты деңгээлде билим берип, аларды ийгиликтүү бүтүрүү”, - деди.

Академиялык перфекционизмдин маанисине көңүл бурган ректор сөзүн мындай деп улантты: “Биз урматтуу эже-агайлардын кылган аракетине, мээнетине ишенебиз. Бул жаатта Түркиядагы мындай ишти жогорку деңгээлде аткарган университеттер менен сүйлөшүүлөрдү улантабыз. Ага ылайык, ийгиликтүү, мыкты иштерди алып барган Бесин агайды окуу жайыбызга чакырдык.”

Семинардын жүрүшүндө PhD., профессор Бесим Йылдырым эл аралык рейтингдик уюмдардын баалоо системасы, маанилүү критерийлер, тизмеде жогорку окуу жайлардын орун алуусу жана бул жаатта академиялык кызматкерлер кандай иш алып баруусу, эмнеге көңүл буруусу керектиги тууралуу катышуучуларга деталдуу маалымат берди.

Университеттердин эл аралык рейтингдерде көтөрүлүшү бир гана академиялык жетишкендиктерге байланыштуу эместигин белгилеген PhD., профессор Йылдырым окуу жайдын жетекчилиги менен профессордук-окутуучулук курам стратегиялык иш план иштеп чыгуусу керектигин айтты. “Академиялык кызматкерлердин эл аралык деңгээлде активдүү болуусу, сапаттуу изилдөөлөрдү жүргүзүү жана кызматташууларды түзүү университеттердин рейтингде алдыңкы орундарга чыгуусуна шарт түзөт. Ошондуктан бул рейтингдик уюмдардын критерийлеринин алкагында иш алып баруу жана жакшы чекке жетүү бул университетке квалификациялуу окутуучуларды, студенттерди тартууда  да маанилүү фактор болуп, сапаттуу пайдубал түзүүгө жардам берет”, - деген PhD., профессор Йылдырым рейтингде жогорку позицияларга ээ болгон университеттер академиялык дүйнөдө жана коомчулукта жогорку кадыр-баркка ээ болушарын кошумчалады.

Семинарды жогорку деңгээлде өтүп, баалуу жана керектүү маалыматтар менен бөлүшкөнү үчүн PhD., профессор Бесим Йылдырымга ыраазычылык баракчасы ыйгарылды.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЮРОСУ**

# Жаш социологдордун катышуусунда “Зия Гөкалптын өлүмүнүн 100 жылдыгына арналган социология” аттуу студенттик илимий жыйын болуп өттү

*Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинин социология бөлүмү тарабынан 2024-жылдын 19-ноябрында Дүйнөлүк социологдор күнүнүн алкагында “Зия Гөкалптын өлүмүнүн 100 жылдыгы жана социология” атуу темада студенттик илимий конференция өткөрүлдү.*



Гуманитардык факультетинин деканы, PhD., профессор Алпаслан Ашык, социология бөлүмүнүн башчысы, PhD., профессор Эртан Өзенсел, факультеттин профессордук-окутуучулук курамы жана көп сандагы студенттердин катышуусунда өткөн иш-чарада түрк социологиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири Зия Гөкалптын ар тараптуулугу жана идеялары талкууга алынды.

Иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөгөн КТМУнун гуманитардык факультетинин деканы, PhD., профессор Алпаслан Ашык Зия Гөкалптын социология тармагында гана эмес, тарых, адабият жана поэзия сыяктуу ар кандай дисциплиналарда да маанилүү салым кошконун баса белгиледи.

PhD., профессор Алпаслан Ашык: “Зия Гөкалп – түрк социологиясынын пайдубалын түптөгөн илимпоз, ошондой эле адабият, тарых сыяктуу ар кандай дисциплиналарда маанилүү эмгектери бар ар тараптуу инсан. Аны таанып, түшүнүү – биз үчүн өтө баалуу. Бул маанилүү иш-чараны уюштурган социология бөлүмүнүн башчысына жана салым кошкондордун баарына ыраазычылык билдирем, катышкан студенттерге ийгилик каалайм,” - деди.



Социология бөлүмүнүн башчысы, PhD., профессор Эртан Өзенсел өз сөзүндө Зия Гөкалптын социологияга кошкон салымдары жөнүндө айтып, уюштурулган илимий жыйында студенттерге маанилүү академиялык тажрыйба жана көз караш бере алды деген ишенимин билдирди.

Ачылыш сөздөрдөн кийин Канымет Бегимбек уулунун модераторлугунда өткөн конференцияда социология бөлүмүнүн студенттери Зия Гокалптын социологиялык көз караштарын ар тараптуу талкуулашты.

Айзат Сүйүмбаева “Зия Гөкалптын улуттук социология түшүнүгү” аттуу баяндамасында Гөкалптын социологиялык ой-пикирлеринин улуттук баалуулуктарга тийгизген таасирин, Амантай Таштанбеков “Зия Гөкалп социологиясында харс жана цивилизация” деген баяндамасында Гөкалптын харс жана маданият түшүнүктөрүнө карата көз карашын, Милана Асантаева “Окутуучу Зия Гөкалп” темасындагы баяндамасында Гөкалптын билим берүү түшүнүгүн жана бул тармактагы таасирин, ал эми Мээрим Туралиева “Зия Гөкалп социологиясында идентүүлүктүн элементи катары дин” деген баяндамасында Гөкалптын социологиялык көз караштан дин феноменине болгон мамилесин талкуулашты.

Баяндамалардан соң илимий жыйын суроо-жооп менен уланып, жамааттык сүрөткө түшүү менен аяктады.







# Кыргыз-Түрк “Манас” университетинен маанилүү академиялык кызматташтык аракеттери

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

*Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан 2024-жылдын 27-декабрында Түркиянын университеттерине иш сапары менен барып, кызматташтык келишимдерине кол койду.*



Ректор, PhD., профессор Жейлан Стамбул Черрахпаша университетинин ректору, PhD., профессор Нури Айдын менен жолугушуп, анда эки мекеме ортосундагы кызматташтыктын маанисине басым жасады. Ректорлор КТМУ жана Черрахпаша университети ортосундагы кызматташтык келишимине кол коюшту.

Андан кийин PhD., профессор Жейлан Йылдыз техникалык университетине барып, ректор, PhD., профессор Ейүп Дебик менен жолукту. Жолугушуунун жүрүшүндө эки мекеме ортосундагы академиялык кызматташтык боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Университеттер аралык орток изилдөө долбоорлор, семинарлар, академиялык кызматкерлер жана студент алмашуу программалары сыяктуу көптөгөн тармактарда кызматташтыктын пайдубалын түптөгөн PhD., профессор Жейландын бул жолугушуулары илимий жана маданий жактан да чоң мааниге ээ. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин бул аракети менен эл аралык академиялык кызматташтык стратегиясынын маанилүү бир бөлүгү катары университеттин өнүгүүсүнө чоң салым кошот. Университеттер ортосунда түзүлгөн бул кызматташтыктар илимий тармакта гана эмес, маданий жана социалдык өз ара аракеттенүүдө да бекем көпүрө түзөөрү күтүлүүдө.

# Евразия жазуучулар биримдигинин төрагасы Уфук Тузман менен ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейландын жолугушуусу



Евразия жазуучулар биримдигинин төрагасы Уфук Тузман 2024-жылдын 21-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен жолугушту. Тузман PhD., профессор Алпаслан Жейландын экинчи мөөнөткө кайрадан ректорлукка дайындалышына кубанычта болгонун билдирип, жаңы мөөнөтүндө ийгиликтерди каалады. Ректор Жейлан дагы Уфук Тузманды Евразия жазуучулар биримдигинин төрагасы болуп шайланышы менен куттуктап, анын жаңы кызматында чоң жетишкендиктерге жетишүүсүн тиледи.

Ректорлук макамында өткөн жолугушууда эки мекеменин мурдагы жылдардагы ишмердүүлүгү талкууланып, биргеликте уюштурула турган иш-чаралар боюнча пикир алмашуулар болду. Жолугушууда “Манас” университети менен Евразия жазуучулар биримдигинин кызматташуусу түрк дүйнөсүнүн маданий, академиялык байланыштарын чыңдоодо маанилүү көпүрө болоору белгиленди.

Жолугушуу эки мекеменин ортосундагы кызматташууну мындан ары дагы чыңдоо тилектерин айтуу жана белек тапшыруу менен аяктады.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# “Манас” университети Борбор Азиядагы жогорку окуу жайлардын ректорлорунун форумуна катышты





БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

*2024-жылдын 20-ноябрында Бишкектеги “Ала-Арча” мамлекеттик резиденциясында Кара-Кыргыз автономиялык облусунун 100 жылдыгына арналган “Борбордук Азия университеттеринин трансформациясы глобалдык чакырыктардын контекстинде” деген темада беш мамлекеттин университеттеринин ректорлорунун форуму болуп өттү.*

Борбордук Азия университеттеринин өз ара аракеттенүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн активдүү маселелерин, билим берүүдөгү жаңы ыкмаларды талкуулоо жана чечимдерди кабыл алуу пландаштырылган форумга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева, министрдин орун басары Расул Абазбек уулу, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев, проректор, PhD., профессор Камалбек Карымшаков, ошондой эле Кыргызстандан тышкары Казакстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстандын мамлекеттик кызматкерлери, ректорлору, илимпоздору, окутуучулары жана эксперттер катышты.

Борбордук Азиядагы ЖОЖдордун ортосунда тажрыйба алмашууга арналган ректорлордун форумдары 2021-жылдан бери чөлкөмдүн жогорку билим берүү мейкиндигин түзүү жөнүндө декларацияга (Түркстан декларациясы) кол коюлгандан бери өткөрүлүп келет. Ал документте Борбор Азиянын маданий баалуулуктарын өнүктүрүүдө университеттердин негизги ролу баса белгиленген. Аталган декларацияда Борбор Азиянын жогорку билим берүүсү аркылуу жарандардын мобилдүүлүгүн арттырып, аларды ишке орноштуруу аркылуу чөлкөмдү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү каралган.








Форумдун ачылыш сөзүн сүйлөгөн Билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева тез өзгөрүп жаткан дүйнө, заманбап коркунучтар жана чакырыктар университеттерге жаңы талаптарды коюп жатканын белгилеп, “Университеттер өлкөдө мурдагыдан да маанилүү орундарды ээлей баштады. Алар экономикалык чөйрөнүн түздөн-түз катышуучуларына айланып, экономика тармактары үчүн инновациялар менен технологияларды жаратып, жумуш орундарын түзүү аркылуу туруктуу өнүгүүгө жана өлкөнүн экономикалык өсүшүнө өбөлгө болуп жатышат. Мында классикалык университеттердин трансформациясы, университеттердин ролун жана жалпы жогорку билим берүү системасын кайра карап чыгуу зарылчылыгы тууралуу сөз болууда.”

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан “Манас” телеканалына берген маегинде мындай деди: “Форумдун эң чоң өзгөчөлүгү – Борбор Азиядагы университеттердин биргелешип иштөө мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болоорунда. Биз, “Манас” университети, дүйнөнүн көптөгөн университеттери менен буга чейин эле кызматташып келебиз. Буга байланыштуу, дагы башка университеттер менен да биргелешкен иштерди жүргүзүү үчүн бул иш-чара бизге абдан маанилүү.”

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри аталган форумга чоң көңүл буруп, жигердүү иштерди аткарып жатканын белгилеген ректор Жейлан өз сөзүндө Догдуркүл Кендирбаевага ыраазычылык билдирип, билим берүү тармагында дагы алгылыктуу иштерди улантат деген каалоосун айтты.

Биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев “Манас” телеканалына берген маегинде форумдун маанилүүлүгү тууралуу буларга токтолду: “Акыркы жылдарда Борбор Азия мамлекеттеринин арасында ар түрдүү тармакта абдан тыгыз кызматташуу жүрүүдө. Айрыкча, билим берүү тармагын баса белгилегим келет. Мунун далили катары, бүгүн Борбор Азия өлкөлөрүнүн арасында жогорку билим берүү тармагындагы форум өтүп жатат. Анда жогорку окуу жайлардын арасындагы кызматташуу жолдору талкууланып, ар бир университеттин жетишкендиктери тууралуу ректорлор маалымат берип, тажрыйба алмашып жатышат.”

“Бул абдан маанилүү жана пайдалуу форум деп эсептейм. Себеби учурда Кыргызстанда билим берүү тармагы абдан жакшы өнүгүп келе жатат. Көптөгөн жогорку окуу жай дүйнө жүзүндөгү университтердин рейтингде алгылыктуу орундарга ээ болуп жатышат. Алардын арасында Кыргыз-Түрк “Манас” университети бар”, - деген биринчи проректор мындан ары Борбор Азия университеттери менен кызматташтыкты күчөтүү максатында форумдун алкагында Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркменстандан келген бир нече университеттер менен кызматташуу келишимдерине кол коюлганын билдирди.

***Жогорку окуу жайлар менен кызматташуу келишимдери түзүлдү***

Форумдун жүрүшүндө “Манас” университети Назарбаев университети, Алматы Менеджмент университети, Академик Букетов атындагы Караганда изилдөө университети, Тажик мамлекеттик укук, бизнес жана саясат университети ортосунда кызматташуу келишимдери түзүлдү.

Келишимде окуу жайлар ортосунда окутуучуларды, студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды алмашуу боюнча иш жүргүзүү, илимий байланыштарды чыңдоо, орток илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, илимий жана маданий (илимий-практикалык конференция, симпозиум, тегерек стол, семинар, студенттик олимпиадалар ж.б.у.с.) иш-чараларды уюштуруу, усулдук жана башка жардамдарды көрсөтүү каралган.

Форумда иш “Билим берүүнүн, илимдин жана бизнестин интеграциясы – заманбап университеттин туруктуу өнүгүүсүнүн негизи”, “Изилдөө университети экономиканы модернизациялоонун маанилүү ресурсу”, “Санариптик билим берүү - заманбап жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги вектору” аттуу үч панелдик секцияга бөлүнүп жүргүзүлдү.

Университет ректорлорунун форумун өткөрүү аркылуу Борбор Азиянын жогорку билим берүү мейкиндигин өнүктүрүүдөгү саясатты координациялоо максатында прогрессивдүү заманбап университеттерди - региондун илимий-техникалык жана социалдык-экономикалык өнүгүү борборлорун түзүү; Борбор Азиянын жогорку билим берүү системасынын эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу; билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун бир жолу катары бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу жана мобилдүүлүктү күчөтүү, ал үчүн салыштырма критерийлерди жана методологияларды иштеп чыгуу; жарандардын эркин жүрүүсүн натыйжалуу ишке ашырууда тоскоолдуктарды жеңүү аркылуу мобилдүүлүккө көмөк көрсөтүү; билим берүүнүн жана практикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу; окуу пландарын, институттар аралык кызматташтыкты, мобилдүүлүк схемаларын, биргелешкен окуу программаларын, практикалык окууларды жана изилдөөлөрдү иштеп чыгуу сыяктуу компоненттерге көңүл бурулду.

Белгилей кетсек, иштин жыйынтыгы менен Борбор Азия университеттеринин ректорлорунун форумунун декларациясы кабыл алынды.

# “Манас” университетинде Мугалимдер күнү шаңы

*2024-жылдын 22-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чет тилдер жогорку мектебинин тил даярдоо бөлүмүнүн иш-чараларды уюштуруу комиссиясы тарабынан уюштурулган 24-ноябрь – Мугалимдер күнүнө карата куттуктоо программасы өткөрүлдү.*





Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында өткөн майрамдык иш-чара КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев, проректор, чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү, PhD., профессор Режаи Доган жана профессордук-окутуучулук курамдын катышуусунда өтүп, шейит кеткен мугалимдерди эскерүү тасмасын көрсөтүү менен башталды.

Андан кийин отургандар бир мүнөттүк тыным менен ордуларынан туруп шейит болгон жана акка моюн сунган бардык мугалимдерди эскеришип, артынан эки өлкөнүн улуттук гимндери аткарылды.

Проректор жана чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү, PhD., профессор Режаи Доган куттуктоо сөзүндө мындай деди: “Мугалимдердин баркын билген жана аларга берилгендигин көрсөтүүгө ушул күндү даярдаган чет тилдер жогорку мектебинин даярдоо курсунун студенттерине ыраазычылык билдирем. Ошондой эле студенттердин мыкты деңгээлде өсүп, алгач өздөрүнө, үй-бүлөлөрүнө, Кыргызстанга, Түркияга жана түрк дүйнөсүнө пайдалуу инсан болушу үчүн 24 саат талыкпай эмгектенип жаткан бардык мугалимдерди майрамы менен куттуктайм.”

Сөзүн мугалимдерди куттуктоо менен баштаган биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев дүйнөдө эң ыйык кесиптердин бири мугалимдик кесип экенине токтолуп, “Биздин дүйнөгө болгон көзүбүздү ачып, жарык чачып, жол көрсөткөн бул - мугалим. Канча деген кесиптер бар: дарыгер, юрист, экономист ж.б. Бирок алардын арасынан эң кадырлуусу, ошол эле учурда эң түйшүктүүсү жана жоопкерчиликтүүсү бул - мугалимдик кесип.”

“Кайсы гана мамлекет болбосун, өлкө, эл болбосун билим менен гана өнүгүп-өсөт, алдыга жылат. Билимсиз өнүгүү, жакшы жашоого жетүү эч качан мүмкүн эмес”, - деген биринчи проректор билим берүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан программанын ачылышында мугалимдер коомго багыт берген, адамдардын тагдырына таасир тийгизген жана цивилизациянын келечегин аныктаган бийик, улуу милдеттин аткаруучулары экенин белгилеп, “Мугалимдик жөн гана кесип эмес, билим жана даанышмандыктын алып жүрүүчүсү, жаш муундарды келечекке даярдаган дем берүү булагы болуп саналат”, – деди.

“Бүгүн бул жерде улуу кесипти аркалап жаткан сиздердей кадырлуу мугалимдерибиздин баркын дагы бир жолу эстеп, эске салуу үчүн чогулдук”, – деп мугалимдиктин эң чоң баалуулук экенин айтты.

“Манас” университетинде билим берүү жана окутуу жөн гана маалымат берүү эмес, маданияттар аралык түшүнүктү жана адамзаттык баалуулуктарды бекемдөөчү көпүрө экенин баса белгилеген PhD., профессор Жейлан: “Биздин билим берүү концепциябыз түрк дүйнөсүнүн тарыхый жана маданий байлыктарынан шыктанып, адамдардын дүйнөлүк коомдо активдүү жана











жоопкерчиликтүү болуп калыптануусун камсыз кылууга багытталган. Бул максаттарды ишке ашырууда силер эң маанилүү элчисиңер”, – деди.

Окуу жайдын билим берүү философиясы эки өлкөнүн достук жана бир туугандык байланышынын көрсөткүчү экенин айткан ректор, PhD., профессор Жейлан “Манас” университетинде билим берүү түрк тили жана кыргыз тилинде, ошондой эле башка тилдерде жүргүзүлөрүн белгиледи. Бул көп маданияттуу мамиле мугалимдердин студенттер менен болгон байланышын бекемдеп, студенттерге түрк маданиятынан баштап башка маданияттарды түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөрүн айтты.

Ректор “Манас” университети жөн гана билим берген мекеме эмес, ошол эле учурда баалуулуктарды жаратуучу коом болууну максат кыларын айтап, мугалимдердин багыты менен маданият жана салтка таянган, илимий көз карашка ээ болуп калыптанган студенттерди чыгаруу үчүн бардык шарттарды түзүүнү улантарын баса белгиледи.

Келечектин архитекторлору болгон мугалимдерге ыраазычылыгын билдирген ректор, PhD., профессор Жейлан: “Силер өстүргөн инсандар түрк дүйнөсүнүн эле эмес, бүткүл адамзаттын келечегине салым кошот” , – деп мугалимдердин маанилүүлүгүн белгиледи.

Ректор сөзүн башкы мугалим Мустафа Кемал Ататүрк жана шейит болгон мугалимдерден тарта бардык мугалимдердин 24-ноябрь - Мугалимдер күнүн куттуктоо менен жыйынтыктады.

**Сыйлык - сиздердики, сыймык – биздики!**

Иш-чаранын жүрүшүндө окуу жайыбыздын окутуучуларына жетишкендиктери жана салымдары үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыктары тапшырылды.

Билим берүү жана илим министрлигинин “Илимдин мыктысы” төш белгиси менен табигый илимдер факультетинин деканы, биология илимдеринин доктору, профессор Гүлбүбү Курманбекова, инженердик факультетинин химия инженердиги бөлүмүнүн доценти, химия илимдеринин Калипа Салиева сыйланса, ал эми “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси табигый илимдер факультетинин математика бөлүмүнүн физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Калыскан Матановага, академиялык адис Азат Акматбековага, колдонмо математика жана информатика бөлүмүнүн академиялык адиси Назгүл Аданбаевага ыйгарылды.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен инженердик факультетинин декан жардамчысы, PhD., доцент Айчүрөк Мажитова, тамак-аш инженерлиги бөлүмүнүн доценти, PhD., Жылдызай Өзбекова жана ага окутуучу, техника илимдеринин кандидаты Айдайкан Касымакунова, компьютер инженерлиги бөлүмүнүн ага окутуучусу, техника илимдеринин кандидаты Чинара Жумабаева, экология инженерлиги бөлүмүнүн доценти, PhD., Жаңыл Искакова, химия инженерлиги бөлүмүнүн академиялык адиси, химия илиминин кандидаты Нурзат Шайкиева сыйланышты. Мындан тышкары, табигый илимдер факультетинин декан жардамчысы, доцент, PhD., Элла Абылаева жана колдонмо математика жана информатика бөлүмүнүн доценти, PhD., Гүлшат Мухаметжанова, гуманитардык факультетинин синхрондук котормо бөлүмүнүн ага окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты Назгүл Карыбекова сыйланышты.

Даярдоо курсунун студенттеринин аткаруусунда кыргыз жана түрк тилдеринде жаңырган обондуу ырлар, комузчулар тобу черткен күүлөр көрүүчүлөрдүн көңүлүнөн түнөк тапты. Мындан тышкары, агай-эжелер үчүн атайын даярдалган видео көрүүчүлөргө эмоциялуу көз ирмемдерди тартуулады.

Салтанаттуу майрамдык программа окутуучуларга гүл белек кылуу жана эстеликке сүрөткө түшүү менен соңуна чыкты.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**

# “Манас” университети жана Достук ооруканасынан Сокулуктагы мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар реабилитациялык борборуна үмүт жана мээримге толгон сапар



*Кыргыз-Түрк “Манас” университети социалдык жоопкерчилик долбоорунун алкагында алып барган иштери менен коомго жардам берүүнү улантууда. Ага ылайык, Режеп Тайып Эрдоган атындагы Бишкек Кыргыз-Түрк достугу ооруканасы менен биргеликте 2024-жылдын 9-ноябрында Сокулуктагы мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар реабилитациялык борборуна атайын жолугушуу өткөрүлдү.*

Режеп Тайып Эрдоган атындагы Бишкек Кыргыз-Түрк достугу ооруканасынын башкы дарыгери Жевдет Түркйүрек менен КТМУнун гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн ага окутуучусу, PhD., профессор Незахат Жейландын катышуусунда уюштурулган жолугушууда мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга кышкы кийим-кечектер берилди.

Жолугушуу учурунда балдардын бактылуу болушу алар үчүн чоң белек экенин белгилеген PhD., профессор Незахат Жейлан: “Балдардын жүзүндөгү жылмаюуну көрүү биз үчүн сөз менен жеткис бакыт”, - деп, мындай социалдык жоопкерчилик долбоорлорунун маанилүүлүгүнө көңүл бурду.

Окуу жайыбыз социалдык жоопкерчилик аң-сезими менен ишке ашырган долбоорлору менен кыргыз коомчулугуна билим берүү тармагында гана эмес, социалдык турмуштун ар бир багытына да салым кошууда. “Манас” университети мындай иш-чаралар аркылуу коомго колдоо көрсөтүү менен “Университеттен да артык...” деген миссиясын чечкиндүү улантууда.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# “Манас” университетинен көңүл жылыткан маңыздуу сапар

*3-декабрь – Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын бүткүл дүйнөлүк күнүнө карата Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультети социалдык жоопкерчилик иш-чараларынын алкагында Чүй облусунун Сокулук районунун Маловодное айылында жайгашкан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды, анын ичинде ДМЧ балдарды реабилитациялоо борборуна барды.*





Аталган борбордо уюштурулган иш-чарага көркөм өнөр факультетинин театралдык искусство бөлүмүнүн ага окутуучулары Таалайкүл Ташмамбетова, Эльвира Караева, административдик адис Айбек Сабирмамат уулу жана студенттер катышып, балдарга жылуу маанай тартуулашты.


Иш-чаранын алкагында балдар үчүн театралдык искусство бөлүмүнүн студенттери “Дарыгер айым” жана “Көк трактор” аттуу оюндарды сахналаштырышса, ал эми музыка бөлүмүнүн студенттеринин аткаруусунда балдар ырлары жаңырды. Мындан тышкары, түрдүү кызыктуу оюндар ойнотулуп, балдарга эстен кеткис күн тартуулашты.

ДМЧ балдарды реабилитациялоо борборунун директору Акылбек Асанов мекеме тууралуу кыскача маалымат берип, бул иш-чара балдардын жүрөгүнө жылуулук тартуулаганын белгилеп, “Манас” университетине жана салым кошкондордун баарына ыраазычылык билдирди.

Иш-чаранын соңунда борбордун директору Акылбек Асанов көркөм өнөр факультетинин ага окутуучулары Таалайкүл Ташмамбетова менен Эльвира Караевага ыраазычылык кат тапшырды.

Балдардын жүзүнө жылмаюу тартуулаган иш-чара жагымдуу нотада соңуна чыкты.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети тарабынан уюштурулган бул өзгөчө жолугушуу жүздөргө жылмаюу тартууласа, бөбөктөрдүн кубанычы жана шаңы иш-чараны дагы да маңыздуу кылды. Бул иш-чара жөн гана көңүл ачуучу эмес, социалдык жоопкерчиликти аңдоону күчөткөн тажрыйба тартуулады. Борбордогу балдар сүйүү жана мээримге толгон бул күнү унутулгус көз ирмемдерди баштан кечирип, тилектештиктин күчтүү үлгүсү көрсөтүлдү.





БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ



# КТМУнун ага окутуучусуна “Жылдын окумуштуусу” номинациясы ыйгарылды

Үстүбүздөгү жылдын 25-декабрында “Кыргыз Туусу” басма үйүнүн 100 жылдыгына карата уюштурулган “Жыл мыктылары” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болуп өттү.

Эки элдин ортосундагы достукту чыңдоого кошкон салымы, кыргыз жана түрк тилинин салыштырма грамматикасы багытындагы монографиясы, жалпы лингвистика, лингвомаданият таануу жана стилистика боюнча эмгектери үчүн КТМУнун гуманитардык факультетинин синхрондук котормо бөлүмүнүн кыргызча-түркчө программасынын окутуучусу, доц.м.а.док. Сердар Дагыстан “Жылдын мыкты окумуштуусу” диплому менен сыйланды. Ошондой эле өлкөнүн өнүгүшүнө кошкон салымы жана жигердүү эмгеги үчүн ага “Жылдын мыктысы” медалы тапшырылды.




БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# “Манас” университетинин окутуучуларына Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыктары тапшырылды







Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги “Манас” университетинин табигый илимдер факультетинин колдонмо математика жана информатика бөлүмүнүн ага окутуучусу, PhD., профессор Мээрим Имаш кызы менен математика бөлүмүнүн ага окутуучусу, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Калыскан Матанованы “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси менен сыйлады.

Мындан тышкары, табигый илимдер факультетинин катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты Чынара Табалдиева жана биология бөлүмүнүн адиси, биология илимдеринин кандидаты Нуржамал Өмүрзаковага көп жылдык үзүрлүү эмгектери үчүн Билим берүү жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” ыйгарылды.

Сыйлыктарды тапшырган биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев окутуучуларды куттуктап, иштеринде ийгиликтерди каалады.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# “Манас” университетинин ага окутуучусуна эл аралык деңгээлде жетишкендик сыйлыгы



Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн башчысы, ага окутуучу, доцент Абдүлхаким Бахадыр Дарыга Эл аралык Евразия билим берүү биримдиги (UAESEB) тарабынан жетишкендик сыйлыгы ыйгарылды.

Түрк дүйнөсүнүн билим берүү жана илим тармагында кызматташтыкты бекемдөө максатында Косово, Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түндүк Кипр, Македония, Ирак, Румыния жана Өзбекстан сыяктуу өлкөлөрдө иш алып барган профсоюз жана мамлекеттик эмес уюмдарды жолуктурган Эл аралык Евразия билим берүү биримдиги (UAESEB) 12 жылдан бери маанилүү иш-аракеттерге кол коюуда. Билим берүү жана коомдук илимдер тармагында ишке ашырган долбоорлор менен түрк дүйнөсүнүн академиялык кызматкерлеринин орток үнү болууну максат кылган UAESEB бул убакыттын ичинде кызматташтыкты жана тилектештикти арттырууга көптөгөн баалуу иш-чараларды өткөрдү.

2024-жылды Эл аралык Евразия билим берүү биримдиги (UAESEB) Зия Гөкалптын дүйнөдөн кайткандыгынын 100 жылдыгын белгилөө менен өзгөчө маанилүү деп эсептеди. Бул алкакта илимий эмгектери менен түрк дүйнөсүнө кызмат кылган окутуучуларга Зия Гөкалп атындагы илимий сыйлык тапшырылды.

Түрк дүйнөсүнүн академиялык кызматташтыгына көрсөтүлгөн маанилүү колдоолору менен алдыда турган Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин ага окутуучусу, доцент Абдүлхаким Бахадыр Дарыга UAESEBнин башкаруу кеңеши тарабынан эл аралык деңгээлде Зия Гөкалп атындагы сыйлык ыйгарылды.

“Манас” университетинин атынан бул кадырлуу сыйлыкка татыктуу деп табылган доцент А. Бахадыр Дарыны куттуктайбыз жана ага илимий иштерине ийгилик каалайбыз!

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# Касым Тыныстанов жана Түрк дүйнөсүндөгү репрессия

*Репрессия – кысым, зомбулук, кыргын, кыянаттык, террор сыяктуу ар түрдүү маанилерге ээ болгон түшүнүк. Ошондой эле Советтер Союзунда 1937-1938-жылдарды камтыган өзгөчө бир саясий куугунтукту билдирген термин болуп саналат. Бирок бул түшүнүктү 1937-1938-жылдардагы кысым, зомбулук жана кыргындар менен гана чектөө туура эмес . Советтер Союзунун аймагында "Чоң репрессия" деп аталган бул куугунтук Сталин доорунда, айрыкча, 1937-1938-жылдары аябай катуу жүргүзүлгөн.Арийне, репрессия түшүнүгү Сталиндин башкаруусунда 1937-1938-жылдары жүргүзүлгөн саясий куугунтукту гана билдирбейт.*



Советтер Союзунда репрессия ар түрдүү мезгилдерде жана ар кандай тармактарда бир нече ирет кайталанган.  Советтер Союзу түзүлгөн күндөн баштап жүргүзүлгөн кысым жана кыргындар Советтер Союзу басып алган бүтүндөй Түркстан аймагында байкалган.

Репрессия – бул кеңейүүчүлүккө, колониячылыкка жана империалисттик ойлорго негизделген саясаттын натыйжасы. Орус падышалыгы доорунан Советтер Союзунун коммунисттик идеологиясына чейин созулган бул империалисттик көз караш Советтер Союзу мезгилинде системалуу түрдө кыргынга айланган деп айтууга болот.Репрессиянын терең маанисин жана анын жүзөгө ашырылышын түшүнүү үчүн улуттук баалуулуктарга, маданиятка, тарыхка, өнөргө, тилге, адабиятка, динге жана илимий ишмердүүлүккө каршы жүргүзүлгөн катаал басымдарды карап көрүү жетиштүү. Анткени бул тармактарда иштеген, улуттук сезимдерге ээ болгон жана бул багытта эмгектерди жараткан көптөгөн интеллигенттер кысымга алынган, негизсиз айыптар коюлган, жалаа жабылып, жасалма соттордо айыпталып, сүргүнгө айдалган же атууга кеткен.

Кыргызстан репрессиялар эң катуу жүргүзүлгөн жерлердин бири болуп саналат. Кыргыз тарыхында улуу жеңиштердин, баатырдык салттардын жана эпостордун катарында кыргыз эли үчүн кайгылуу, артка кайтпаган жоготууларга учураган, атүгүл улут катары жок болуу коркунучу менен бетме-бет келген оор учурлар да болгон.

1916-жылдагы Үркүн окуялары, Советтер Союзу мезгилиндеги саясий куугунтуктар, сүргүндөр, массалык басымдар жана акырында



1938-жылы 138 интеллигенттин атылышы – кыргыз тарыхында өчпөс из калтырган кайгылуу жана трагедиялуу окуялардын катарына кирет.

Репрессия – бул, айрыкча, түркология сыяктуу илимий тармактарда, улуттук ой жүгүртүүдө, эркиндик, көз карандысыздык жана эгемендик сыяктуу түшүнүктөрдү биринчи орунга койгон, түркчүлүк аң-сезимине бекем карманган Түркстан аймагындагы интеллигенциянын илим жана идея үчүн өмүрүн берген оор доор болгон.

Жаңы доорчул (Жадидчил) интеллигенттердин өлтүрүлүшү, басмачылардын жок кылынышы, Алаш интеллигенттерине жасалган басым жана кысым саясаты репрессияга чейин эле башталганын унутпоо керек. "Чоң репрессия" деп аталган 1937-1938-жылдардагы караңгылык менен кыргындын себебин ушул тарыхый фонду түшүнүү аркылуу гана толук ачууга болот. Орус падышалыгынын империализми Советтер Союзунун идеологиясы менен уланган бул караңгы процесс Түркстан аймагында интеллигенциянын жок кылынышына алып келген. Ошол доордун эң маанилүү фигураларынын бири – Касым Тыныстанов болгон.

Касым Тыныстанов – кыргыз интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири, түркология тармагындагы эмгектери менен бүтүндөй түрк дүйнөсүндө аты таанылган, кыргыз тилинин алфавитин түзүү боюнча жасаган илимий иштери менен бул тармакта жаңы доор ачкан, кыргыз тилин өнүктүрүүгө чоң салым кошкон белгилүү тилчи, мугалим, акын жана журналист.

1901-жылы туулган Касым Тыныстанов Орус империясы Кыргызстандын аймагын басып алган мезгилде жарык дүйнөгө келген. Ошол кездеги шарттарда үй-бүлөсүнүн колдоосу менен алгач араб арибинде жазылган кыргыз тилин үйрөнгөн, кийинчерээк ар кандай мектептерде окуган. Мекендештеринин арасында кыргыз, казак, өзбек тилдерин жакшы билген, орус тилин да өздөштүргөн.

1924-жылы Казак-Кыргыз Элдик Билим берүү институтун аяктаган.

Касым Тыныстановдун интеллигент жана илимпоз катары калыптанышында алган билими жана окуган мектептери чоң роль ойногон. Кыргыз тилинин араб арибинен латын алфавитине, андан соң кириллицага өтүү процесстерине түздөн-түз катышкан.

Бул ар тараптуу эмгектери менен ал түркология чөйрөсүндө кеңири таанылган. Ошондой эле кыргыз тилинин жөн гана жергиликтүү диалект катары кабыл алынбай, адабий тил катары өнүгүшүнө чоң салым кошкон.

Касым Тыныстанов бала кезинде Орус падышачылыгынын кысымынан улам келип чыккан 1916-жылдагы Үркүндүн күбөсү болгон. Бул каргашалуу окуя анын ой жүгүртүүсүнө жана дүйнө таанымына таасир этпей койгон эмес.

1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин Орус падышалыгы кулап, Советтер Союзу түптөлгөндө Касым Тыныстанов жана башка интеллигенция өкүлдөрү жаңы түзүлгөн мамлекеттин улуттук баалуулуктарды коргоп калууга мүмкүнчүлүк түзөт деп ишенишкен.

Ошол мезгилде ал дагы башка репрессия курмандыгы болгон белгилүү казак акыны жана ойчулу Магжан Жумабай уулунун, ошондой эле "Алаш Ордо" кыймылынын көз караштарынын таасирин алган.

Касым Тыныстанов 1927-жылы Советтер Союзуна караштуу Кыргыз Автономдук облусунун Билим берүү министрлигине дайындалган. Бул кызматта ал 1930-жылга чейин иштеген. Бирок ошол мезгилде Советтер Союзунун саясий системасы барган сайын катаалдаша баштаган.

Ошол мезгилде интеллигенттердин бир тобу жаңы Советтер өкмөтүн улуттук өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүк катары көрүп, анын саясатына аралашып иштөөгө аракет кылышкан. Бирок бул алардын да репрессиянын курмандыгы болуусуна жол ачкан. Касым Тыныстанов дагы бул саясаттан четте калган жок.

1930-жылы ал кызматынан кетүүгө аргасыз болду. Расмий түрдө ден соолугуна байланыштуу деп айтылганы менен, чындыгында, анын кызматтан четтетилиши Советтер Союзунун улуттук интеллигенцияга болгон мамилесинин бир бөлүгү болчу.

Министрликтен кеткенден кийин ал Кыргыз педагогикалык институтунда жана Улуттук илимий изилдөө институтунда иштеп, илимий ишмердүүлүгүн уланткан. Ал кыргыз тилинин грамматикасы, лексикологиясы, фонетикасы жана тарыхы боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп, окуу китептерин түзгөн.

Ошондой эле "Манас" эпосу жана кыргыз элдик оозеки чыгармалары боюнча да эмгектерди жазган. Бирок анын бул илимий иштеринин баары 1937-жылы токтотулду.

1937-жылы Советтер Союзунда улуттук интеллигенцияга каршы кеңири масштабдагы саясий куугунтук башталган. Түркстан аймагында бир эле сценарий кайталанып жатты: интеллигенттер "улутчул", "эл душманы", "буржуазиянын кызматкери" деген негизсиз айыптар менен камакка алынып, кыйноолорго туш болуп, жасалма соттордо айыпталып, көбү атууга кетип жатты.

Касым Тыныстанов дагы ошол жылдын күзүндө камакка алынган. Ага "Советтер Союзуна каршы улутчулдук жана контрреволюциялык аракеттерге катышкан" деген негизсиз айыптар коюлган.

Тергөөнүн жүрүшүндө ал катуу кыйноолорго дуушар болгон. Аны күнөөнү мойнуна алууга мажбурлаш үчүн уруп-сабоо, ач кармоо жана психологиялык басым жасоо сыяктуу катаал ыкмалар колдонулган.

Ошол мезгилде Советтер Союзунун атайын кызматтары репрессия курмандыктарын элдин көз алдында каралап, аларды "Советтер Союзунун душмандары" деп жарыялоо саясатын жүргүзүп жатышкан.

Касым Тыныстановго каршы дагы дал ушул ыкма колдонулган. Бирок ал соңуна чейин өзүнүн күнөөсүз экенин айткан. Ошентсе да, анын тагдыры алдын ала чечилген болчу.

1938-жылы ал өлүм жазасына кесилип, ошол эле жылы атылган. Анын сөөгү башка репрессия курмандыктары менен бирге азыркы Бишкек шаарынын четиндеги "Ата-Бейит" мемориалдык комплексинде жайгашкан.

Бүгүн ,Касым Тыныстанов – Советтер Союзу тарабынан өлтүрүлгөн интеллигенттердин бири катары эскерилет. Бирок анын негизги мурасы – кыргыз тилинин жана маданиятынын сакталып калышы.

Советтер Союзу кыргыз тилин жоюп, элдин улуттук аң-сезимин өчүрүүнү максат кылган. Бирок Касым Тыныстанов сыяктуу интеллигенттердин жасаган эмгеги кыргыз тилинин, маданиятынын жана тарыхынын бүгүнкү күнгө чейин сакталып калышына себеп болду.

Бүгүнкү күндө кыргыз тили түрк дүйнөсүнүн ажырагыс бир бөлүгү. Түрк элдеринин ортосундагы байланыштар күчөп, жалпы түрк маданиятынын өнүгүүсүнө салым кошулууда.

Касым Тыныстановдун негизги мурасы – бул түркологиянын илим катары сакталып калышы, өнүгүшү жана өсүшү.

Касым Тыныстановдун өмүрү – эркиндик жана илим үчүн болгон күрөштүн символу. Ал өз элинин тили, маданияты жана тарыхы үчүн күрөшүп, өз өмүрүн курмандыкка чалган.

Кыргызстан эгемендикке жетишип, бүгүнкү күндө өнүгүп жаткан болсо, бул – Тыныстанов сыяктуу инсандардын жасаган эмгегинин үзүрү. Кыргызстандын тарыхын, эгемендигин жана улуттук баалуулуктарын сактоо – ар бир кыргыз жаранынын ыйык милдети.

Бүгүн Касым Тыныстанов жана башка репрессия курмандыктарынын ысымдары түбөлүккө унутулбайт. Биз алардын эскерүүсүн сактап, алардын ишин улантууга тийишпиз.

PHD. ПРОФ.  АЛПАРСЛАН ЖЕЙЛАН КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН РЕКТОРУ

# “Жылдын мыкты мугалими – 2024” республикалык сынагында ийгиликке жеткен “манастыктар” менен жолугушуу





Үстүбүздөгү жылдын 23-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев “Жылдын мыкты мугалими–2024” республикалык сынагында ийгиликке жеткен тарых бөлүмүнүн магистранттарын ректорлук макамында тосуп алышты. Аталган сынакта окуу жайыбыздын тарых бөлүмүнүн магистратура программасынын бүтүрүүчүсү, учурда Бишкек шаарындагы № 97 жалпы орто билим берүү мектебинде окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары катары эмгектенип жаткан Алдияр Ашырбековго КР Билим берүү жана илим министрлигинин “Билим берүүнүн мыктысы”, “Жылдын мыкты мугалими” төш белгилери, ардак грамота жана акчалай сыйлык менен сыйланган. Ал эми тарых багытынын магистранты, учурда Бишкек шаарындагы №94 жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими болуп иштеп жаткан Курманбек Хайдаров “Жылдын мыкты тарых мугалими” номинациясына жана акчалай сыйлыкка ээ болгон.

Жолугушуунун жүрүшүндө PhD., профессор Жейлан жана саясий и.к., доцент Ибраев байгелүү орундарга ээ болгон магистранттарды куттуктап, академиялык жана кесиптик жолунда ийгиликтерди каалап, белектерди ыйгарышты.

Ашырбеков жана Хайдаров КТМУнун күчтүү академиялык колдоосу жана анын көрүнүктүү профессордук-окутуучулук курамы алардын жетишкендиктеринин негизи экенин баса белгилешип, окуу жайга терең ыраазычылык билдиришти.

Белгилей кетсек, аталган сынак алдыңкы педагогикалык идеяларды жайылтуу, заманбап билим берүү технологияларын жана методикаларын пайдалануу боюнча натыйжалуу практикага ээ таланттуу, чыгармачыл педагогдорду аныктоо максатында уюштурулган.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**

# “Манас” университетинин жылдыздары президенттик стипендияга ээ болушту


2024-жылдын 16-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров жогорку окуу жайлардын мыкты деп табылган 90 студентине президенттик стипендия ыйгарды.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинен эки студент 2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча окууда, илимий-чыгармачыл жана коомдук иштерде өзгөчө айырмалангандыгы үчүн бул сыйлыкка татыктуу деп табылды.

Президенттик стипендианттар; гуманитардык факультетинин филология бөлүмүнүн кытай тили жана адабияты программасынын 4-курсунун студенти Нуриса Бейшекеева менен коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнүн 4-курсунун студенти Алина Маматова президенттин колунан мактоо баракчасын жана 60 миң сом өлчөмүндө стипендия алышты.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев президенттик стипендияга ээ болгон студенттерди ректорлуктун макамында тосуп алышты. Жолугушуунун жүрүшүндө PhD., профессор Жейлан жана саясий и.к., доцент Ибраев окуу жайдын жогорку жетишкендиктери менен сыймыктанган студенттерин куттуктап, келечекте академиялык жана кесиптик жолунда ийгиликтерди каалап, аларга белектерди ыйгарышты.

Биздин студенттерди ушул маанилүү жетишкендиги менен чын жүрөктөн куттуктайбыз жана мындан аркы окууларында ийгиликтерди каалайбыз!



**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**



# Маданий мурасты келечекке ташыган “Устаттан шакиртке” аттуу топтук сүрөт көргөзмөсү “Манас” университетинде министр Максутовдун катышуусунда ачылды



*Үстүбүздөгү жылдын 21-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультетинин живопись бөлүмү тарабынан уюштурулган “Устаттан шакиртке” аттуу топтук сүрөт көргөзмө болуп өттү.*

Көркөм өнөр факультетинин маданий иш-чараларынын алкагында Курманжан Датка атындагы сүрөт галереясында ачылган аталган көргөзмөгө Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректор, PhD., профессор Режаи Доган, көркөм өнөр факультетинин деканы, PhD., профессор Күршад Гүлбейаз, окутуучулар, студенттер жана искусство сүйүүчүлөрү катышты.

Топтук көргөзмөдө Сталбек Токтоев, Руслан Ибраимов, Бахрам Темиров, Нурлан Жороев, Азамат Абакиров, Таалайкүл Сейитбекова жана Талгат Бокоев аттуу таланттуу сүрөтчүлөрдүн көз жоосун алган эмгектери искусство сүйүүчүлөрүнө тартууланды.

Кара-Кыргыз автономиялык облусунун 100 жылдыгына карата “Устаттан шакиртке” – деген жакшы демилге көтөрүлгөнүн белгилеген Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов сөзүн мындай деп улантты: “Кыргыз-Түрк “Манас” университети эл аралык деңгээлде алдыңкы жогорку окуу жайлардын бири болду. Университеттин сүрөт галереясында биздин алтындай болгон келечегибизди түзгөн студенттерге көргөзмөнү көрсөткөн ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан баштаган жалпы жамаатка ыраазычылык билдирем.”

Министр өз сөзүндө маданий мурастын муундан муунга өткөрүүнүн керектигине көңүл буруп, баалуу эмгектери үчүн сүрөтчүлөргө ыраазычылык билдирип, аларга мындан аркы иштеринде албан-албан ийгиликтерди каалады.

### *Искусствонун билим берүүдөгү ролу: “Устатсыз устат болбойт”*

Ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан өз сөзүндө “Манас” университети - Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутовдун да үйү экенин айтып, окуу жайга келгенине ыраазычылык билдирди.

Көркөм өнөр факультетинин профессордук-окутуучулук курамына токтолгон ректор Жейлан: “Биздин эң чоң максатыбыз – өзүбүз билим берип, өстүргөн жаштардын окуу жайыбызда окутуучу, жетекчи болуусу. Бул үчүн аракет кылып жатабыз. Кымбаттуу устаттарга ыраазычылык билдирем. Анткени айрым нерселер бар, мында устатсыз эч нерсе болбойт. Алардын ичинен эң маанилүүсү – искусство. Ооба, искусство боюнча билим алса болот, бирок устатсыз да устат болбойт.”

Көргөзмөнүн жүрүшүндө сөз сүйлөгөн Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин, Архитектура жана дизайн институтунун директору Салтанат Кожобаева: “Ар бир адамдын ички дүйнөсүндө маданият болгондо көптөгөн жакшы иштерди алып келет. Биздин мамлекетибизде дагы чоң долбоорлор жаралып, мыкты таланттар тарбияланат”, - деп, “Устаттан шакиртке” демилгесинин маанилүүлүгүн белгиледи.

Долбоордун жаралуу идеясы тууралуу ой бөлүшкөн Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Архитектура жана дизайн институнун, дизайн кафедрасынын окутуучусу, доцент, сүрөтчү-график-плакатист Сталбек Токтоев: “Кара-Кыргыз автаномиялык облусунун 100 жылдыгына карата “Устаттан шакиртке” долбоорун бир жыл мурда ойлоп таап, ишибизди баштаганбыз. Максатыбыз - композицияларды жазып кыргыз искусствосун дагы жогорку деңгээлге көтөрүү. Долбоор мындан ары дагы ишин улантат”, - деп, Өзбекстан, Казакстан, Түркия сыяктуу мамлекеттер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп жатканын айтты.

Көргөзмөнүн соңунда көркөм өнөр факультетинин деканы, PhD., профессор Күршад Гүлбейаз тарабынан атактуу сүрөтчүлөргө маданий иш-чарага кошкон салымдары үчүн ыраазычылык баракчалары ыйгарылды.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**



# Чыңгыз Айтматовдун туулгандыгынын 96 жылдыгына карата “Айтматовдун көркөм дүйнөсү” аттуу эскерүү программасы








*2024-жылдын 12-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультети тарабынан түрк дүйнөсүнүн залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун 96 жылдыгына арналган “Айтматовдун көркөм дүйнөсү” аттуу эскерүү программасы уюштурулду.*

Эскерүү программасына КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, көркөм өнөр факультетинин деканы, PhD., профессор Күршат Гүлбейаз, окутуучулар жана студенттер катышты.

Иш-чара Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу даректүү тасманы көрсөтүү менен башталды. Тасмадан кийин КТМУнун көркөм өнөр факультетинин окутуучулары жана студенттери тарабынан даярдалган таасирдүү эпизоддор сахналаштырылды.

Чыңгыз Айтматовдун адабий мурасынан шыктануу менен даярдалган аткаруулар көрүүчүлөргө унутулгус жана эмоциялык учурларды тартуулады. Программанын өзгөчөлүү бөлүгү болгон көркөм окууда студенттер Айтматовдун чыгармаларынан тандалган үзүндүлөрдү чебер аткаруучулук менен көрсөтүштү.

Мындан тышкары, “Чыңгыз Айтматовду эскерүү”, “Аселим”, “Ысык-Көлдү сагынуу” жана “Ильястын ыры” сыяктуу ырлар музыка бөлүмүнүн окутуучулары жана студенттери тарабынан аткарылды.

Ошондой эле Айтматовдун “Ак кеме” атттуу чыгармасынан даярдалган театралдык көрсөтүү көрүүчүлөрдү өзгөчө кубантты.

Бул унутулгус аткаруулар Айтматовдун адабий жана чыгармачылык мурасына болгон терең урматты чагылдырып, катышуучулардын жогорку баасына татыды.

Программа эстеликке жамааттык сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**



# Түркия Республикасынын Президентине караштуу адам ресурстары кеңсесинин жетекчиси, доцент Салим Атайдан “Манас” университетинин студенттерине келечекке багыт берген семинар




*Түркия Республикасынын Президентине караштуу адам ресурстары кеңсесинин жетекчиси, доцент Салим Атай 2024-жылдын 9-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетине келди.*

7-декабрь күнү Бишкек шаарындагы “Hyatt Regency” мейманканасында өткөн TalentforBIZ карьералык иш-чарасынын алкагында Кыргызстанга келген Түркия Республикасынын Президентине караштуу адам ресурстары кеңсесинин жетекчиси, доцент Салим Атай КТМУнун студенттери менен жолугушуп, өзгөчө семинар өттү.

Доцент Атай алгач КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен ректорлук кеңсесинде жолугуп, университеттин академиялык жетишкендиктери жана карьерага багытталган иш-чаралары тууралуу маалымат алды.

Андан соң экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмүнүн 1-курсунун студенттери менен жолугушту.

Семинарга ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, Карьераны өнүктүрүү кеңсесинин координатору, доцент Сейил Нажимудинова жана студенттер катышты.

Доцент Салим Атай студенттерге карьералык максаттарын туура аныктоо, дисциплиналык окуу пландарын түзүү жана максатка жетүү жолунда стратегиялык кадамдарды жасоонун маанилүүлүгү тууралуу кеңештерин берди. Атай бакалавриаттык билим берүү процесси жеке жана профессионалдык өнүгүү үчүн маанилүү учур экенин белгилеп, бул процессте алынган тажрыйбалар карьералык сапарда аныктоочу роль ойной турганын айтып, “Туура убакытта жасалган кадамдар келечектеги ийгиликтердин негизин түзөт”, – деди.

“Манас” университетинен дүйнөгө ачылган эшик

Түркия Республикасынын Президентине караштуу адам ресурстары кеңсеси тарабынан координацияланган улуттук практика программасы тууралуу кеңири маалымат берген доцент Атай, бул программа университеттин студенттерине мамлекеттик жана жеке сектордо практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүн бере турганын белгиледи. Программанын максаты катары бирдей мүмкүнчүлүк жана компетенттүүлүк принциптерине ылайык, жаштар окуусун аяктаганга чейин иш тажрыйба топтоосуна жана ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга шарт түзүү экенин айтты.

Мындан тышкары, улуттук жана эл аралык деңгээлде уюштурулган карьералык жарманкелерге катышуунун маанилүүлүгүн белгилеп, “Таланттар порталы” жана “Талант бардык жерде” сыяктуу аймактык карьералык жарманкелердин студенттер үчүн карьералык жолдо багыттоочу платформа болуп саналганын баса белгиледи. Түркиянын эл аралык деңгээлде таланттар борбору болуу көз карашынын алкагында жүргүзүлүп жаткан бул иштер жаштар үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү сунуштап жатканын кошумчалады.

Доцент Салим Атай Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин аймактагы эл аралык билим берүү жана изилдөө стандарттарындагы жетишкендиктерине көңүл буруп, окуу жайдын QS дүйнөлүк университеттер рейтингине кирүүсү анын жогорку сапаттагы билим берүүсүнүн көрсөткүчү экенин айтты. Атай өз сөзүндө “Манас” университетинин академиялык жана профессионалдык жетишкендиктери менен аймак үчүн маанилүү модель экенин баса белгиледи.

Түркия-Кыргызстан кызматташтыгында жаңы кадам

Семинардын жабылыш сөзүн сүйлөгөн КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпасан Жейлан доцент Салим Атайга ыраазычылык билдирди. Ректор, PhD., профессор Жейлан Түркия Республикасынын Президентине караштуу адам ресурстары кеңсеси тарабынан координацияланган улуттук практика программасынын алкагында “Манас” университетинин 3-4-курсунун студенттери да практика өтөө мүмкүнчүлүгүнө ээ боло турганын сүйүнчүлөдү.

Бул маанилүү программа КТМУнун студенттерине эл аралык карьералык мүмкүнчүлүктөрдү тартуулоо менен бирге Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы академиялык кызматташтыктын дагы да жакшырышына салым кошту.

**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**





# “Манас” университетинде “Дивану лугат-ит-түрк: 950-жыл” аттуу илимий жыйын болуп өттү

***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чамгарагында “Дивану лугат-ит-түрктүн” жазылышынын 950-жылдыгына жана Махмуд Кашгарини эскерүүгө арналган “Диван лугат-ит-түрк: 950-жыл” аттуу илимий жыйын болуп өттү. Илимий жыйын 2024-жылдын 14-ноябрында ректорлуктун жыйындар залында уюштурулду.***



Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин түркология бөлүмү, Анкара коомдук илимдер университети, Эл аралык Түрк маданияты “ТҮРКСОЙ” уюму, Түрк кызматташтык жана координация агенттиги (ТИКА) менен биргеликте уюштурулган жыйынга Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, Анкара Коомдук илимдер университетинин ректору жана Түркия жазуучулар биримдигинин төрагасы, PhD., профессор Муса Казым Арыжан, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин дин иштери боюнча кеңешчиси Салих Сезик, ТИКАнын Кыргызстандагы программалык координатору Мехмет Бодур, окутуучулар жана студенттер катышты.

Иш-чара эки өлкөнүн гимндерин аткаруу менен башталып, андан соң  КТМУнун таанытуу тасмасы көрсөтүлдү.

***“Махмуд Кашгари бүткүл дүйнө үчүн сыймык”***

Биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев өз сөзүндө Махмуд Кашгаринин алтын доордун көрүнүктүү инсандарынын бири экенин жана илим дүйнөсүнө кошкон салымы менен кыргыздар, түрктөр, дегеле, жалпы дүйнө жүзү сыймыктана турган окумуштуулардын бири экенин белгилеп, буларга токтолду: “Кыргызстандан чыккан эки көрүнүктүү окумуштуу бар; Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгари. Булар азыркы түшүнүктөгү бир тармактуу окумуштуу гана эмес, көп тармактуу энциклопедия экени талашсыз. Анткени алар тил, маданият, этнография, география сыяктуу бардык тармактан билими бар окумуштуулар болушкан.”

Махмуд Кашгаринин илим дүйнөсүнө берилгендигин, бир нече тилди билгенин баса белгилеген биринчи проректор сөзүн мындай деп улантты: “Биз ата-бабаларыбызды жөн эле эскерип, сыймыктанып тим болбостон алардан өрнөк алышыбыз керек. Алардын жолун жолдошубуз керек. Биз дагы тарыхыбызды, маданиятыбызды, тилибизди сакташыбыз керек. Махмуд Кашгари билимге берилгендиги менен белгилүү болуп, анын мурасы арадан 950 жыл өтсө дагы биз менен.”



Биринчи проректор сөзүн илимий иш-чараны уюштурган гуманитардык факультетинин түркология бөлүмүнө, баалуу маалыматтар менен бөлүшкөн баяндамачыларга ыраазычылык билдирүү менен жыйынтыктады.

***“Махмуд Кашгари – түрк маданиятынын баштоочусу”***

КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан сөзүн бул өзгөчө иш-чаранын университеттин чамгарагында өткөрүлүп жатканына сыймыктангандыгын билдирүү менен баштап: “Түрк дүйнөсүнүн орток баалуулугу болгон бул улуу жана ыйык эмгекти эскерүү жыйыны биздин университетте өтүп жатканына абдан кубанычтабыз. Махмуд Кашгаринин аталган эмгекти түрк тилинин, маданиятынын маанисин терең түшүнүп жазганы - түрк маданиятын сактоодо жана жайылтууда чоң салым болуп саналат”, - деди.

Ректор, PhD., профессор Жейлан Махмуд Кашгаринин бир гана лингвист эмес, бүтүндөй түрк маданиятын келечек муундарга жеткирүүгө умтулган баштоочу болгонун баса белгилеп, сөзүн мындай деп улантты: “Махмуд Кашгари түрк тилин үйрөтүү менен кошо түрктөрдүн каада-салттарын, үрп-адаттарын, оюндарын, аземдерин, бир сөз менен айтканда түрк маданиятын үйрөтүүгө аракет кылган. Ал коомдогу тил менен маданияттын ажырагыстыгын, тил менен маданияттын бүтүндүгүн тааныган жана тилди иденттүүлүктүн потенциалы, жашыруун күчү экендигин аныктаган эң биринчи коомдук лингвист. Түрк тилинин ар түрдүү диалектилерин, маданий мотивдерин жана жашоо образын ийне-жибине чейин изилдеген “Диван лугат-ит-түрк” аттуу эмгеги бүгүнкү күндө да изилдөөчүлөр үчүн кайталангыс булак болуп келет. Бул эмгек бир гана түркология тармагындагы эмес, тил илими, тарых, социология сыяктуу түрдүү тармактар боюнча да баалуу маалыматтарды камтыйт”.

Махмуд Кашгаринин мурасын сактоо жана бул уникалдуу эмгекти жаңы муундарга жеткирүү түрк дүйнөсүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири экенин белгилеген ректор, Жейлан: “Учурдан пайдаланып, түрк дүйнөсүнүн алтын көпүрөсү болгон окуу жайыбыздын бул баалуу эмгекти таанытууга жана изилдөөгө салым кошуудагы чечкиндүүлүгүн баса белгилеп кетким келет. Ошондой эле университеттин академиялык кызматкерлеринин бул ыйык эмгекти кыргыз тилине эң мыкты деңгээлде, туура которот деп ишенем”, - деп, жыйынды уюштурууга салым кошкондорго ыраазычылык билдирди.







***“Дивану лугат-ит-түрк - бул илимий кыйкырык”***

Анкара Коомдук илимдер университетинин ректору, Түркия жазуучулар биримдигинин төрагасы, PhD., профессор Муса Казым Арыжан ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк мурастар тизмесинде орун алган жана түрк маданиятынын эң чоң байлыктарынын бири катары эсептелген “Диван лугат-ит-түрк” китебинин маанисине көңүл буруп, Махмуд Кашгаринин бул эмгеги жөн гана сөздүк эмес, ошондой эле түрк элинин тил, маданият жана адабият жаатын ырастоочу белги экенин баса белгиледи.

Махмуд Кашгаринин арабча жана персче сыяктуу кылымдын жогорку адабий тилдеринин алдында түрк тилинин күчтүү, бай тил экенин көрсөтүү максатында бул эмгекти жазганынын белгилеген PhD., профессор Арыжан мындай деди: “Бүткүл илим дүйнөсүндө таанылган, жазылган жылдан бери көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн бул эмгек, негизинен, түркчө-арабча сөздүк болуп саналат. Арабдарга түркчөнү, түрк тилдерин, маданияттарын жана адабияттарын таанытуу максатында жазылган. Бирок бул эмгек жөн гана сөздүктөн алда канча терең маанилерди камтыйт. Эң алгач, Махмуд Кашгари бул эмгеги менен ал күнгө чейин жөн гана согушкер эл катары билинген түрк элдеринин тилдери, ошол кездеги түшүнүккө ылайык, жогорку адабий тилдер катары эсептелген арабчадан жана персчеден артта калган тил эмес экенин жана бул түшүнүккө илимий түрдө каршы чыгуу жана чакырык экенин көрсөтүп турат.”

PhD., профессор Арыжан эмгектин XI кылымдагы түрк коомунун жашоо образын, ишенимдерин, салттарын жана адабиятын бүгүнкү күнгө чейин алып келген теңдешсиз булак экенин белгилеп, эмгек камтыган маалыматтары менен энциклопедиялык мүнөзгө ээ экенин билдирди. Түрк адабияты эпосторунан баштап жазгы майрамдарга, поэзиядан медицина жана дарылоо ыкмаларына чейин кеңири спектрде кылымдын маданияты жана жашоо философиясына жарык чачарын айтты.

Ошондой эле “Диван лугат-ит-түрк: 950-жыл” аттуу илимий жыйынды өткөргөн “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейланга ыраазычылык билдирип, жыйындын ийгиликтүү өтүшүн каалады.

Махмуд Кашгаринин мурасына жарык чачкан иш-чара “Дивану лугат-ит-түрктүн” маданий жана тилдик мурасын талкуулаган иш-чара ачылыш отурум менен уланды. Отурумда белгилүү түрк даанышманынын эмгегинин бүгүнкү маданият жана тил таануу илимине кошкон салымы ар тараптуу бааланды. Жыйындын биринчи отуруму гуманитардык факультетинин деканы, PhD., профессор Алпаслан Ашыктын модераторлугунда өттү.

Биринчи отурумда PhD., профессор Бүлент Гүл “Салттуу араб лексикографиясында Махмуд Кашгари жана “Дивану лугат-ит түрк” аттуу баяндамасында “Диван лугат-ит түрктүн” араб тили илимине тийгизген таасири тууралуу талкуу жүргүздү. Ал эми PhD., профессор Мехмет Вефа Налбант “Түркияда “Дивану лугат-ит түрк” боюнча грамматикалык изилдөөлөр жана жазыла турган жаңы “Дивану лугат-ит түрк” грамматикасынын кандай жазылышы керектиги тууралуу” аттуу баяндамасында Түркияда “Диван лугат-ит түрк” боюнча жүргүзүлгөн жана келечекте даярдалуучу грамматикалык изилдөөлөр боюнча сунуштарын бөлүштү. Кыргызстандагы изилдөөлөргө токтолгон PhD., профессор Бурул Сагынбаева : “Дивану лугат-ит түрктүн” Кыргызстанда изилдениши” темада жасаган баяндамасында эмгектин Кыргызстандагы чагылдырылуусу жана жүргүзүлгөн изилдөөлөр тууралуу катышуучуларга маалымат берди.

PhD., профессор Муса Казым Арыжандын модераторлугунда өткөн экинчи отурумда болсо энциклопедия түрдүү перспективалардан талкууланды.

PhD., профессор Ахмет Гүншен “Өз доорундагы “Диван лугат-ит -үрк” түрк маданияты жана цивилизациясынын күзгүсү катары” аттуу баяндамасында эмгектин маданий маанисин баса белгиледи. PhD., профессор Акартүрк Карахан “Махмуд Кашгаринин тилдерге байланыштуу аныктамаларынын маңызы” баяндамасында эмгектеги тилдик байлыктарды тереңирээк изилдеди. Ал эми доц.м.а. док. Негизбек Шабданалиев “Диван лугат-ит-түрктүн” кыргызча котормолору жөнүндө айрым аныктамалар” темадагы баяндамасында эмгектин кыргызчага которуудагы мааниси тууралуу айтып, бүгүнкү күнгө чейинки котормолор боюнча байкоолору менен катышуучуларга маалымат берди.

***“Диван лугат-ит-түрк” – түрк дүйнөсүн бириктирген күчтүү байланыш”***

Жыйындын баа берүү жана жыйынтыктоо сөзүн сүйлөгөн Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан “Диван лугат-ит-түрктүн” түрк тилинин келип чыгышын, байлыгын жана тарыхый тереңдигин көрсөтүп турган теңдешсиз эмгек экенин баса белгиледи.

PhD., профессор Жейлан Махмуд Кашгаринин илим дүйнөсүнө кошкон бул баалуу эмгегинин түрк тили жана маданиятынын келечек муундарга өткөрүп берүүдөгү маанисине көңүл бурду. Ал “Диван лугат-ит-түрктүн” түрк дүйнөсүн бириктирген күчтүү маданий байланыш экенин айтып, эмгектин тарыхый мурас жана тилдин өнүгүүсүндө жол көрсөтүүчү булак экенин билдирди.

Илимий жыйындын соңу баяндамачыларга ыраазычылык баракчалары тапшыруу, эстеликке сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# “Манас” университетинде Мевлананын даанышмандык дүйнөсүнө саякат








*Кыргыз-Түрк “Манас” университети Стамбул Мейдан Мешклери ассамблеясы менен биргеликте Түркия Республикасынын Маданият жана туризм министрлигинин колдоосунда уюштурган “Бүгүнкү күндө Азирети Мевлананы түшүнүү” аттуу семинар 2024-жылдын 10-декабрында конгресс жана маданият борборунда өткөрүлдү. Мевлана Жалал ад-Дин Руминин 751-жылдыгына карата өткөрүлгөн маңыздуу иш-чара руханий жана акылманмандыкка толгон атмосферада катышуучуларга уникалдуу тажрыйба тартуулады.*

Иш-чарага Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков менен бирге Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлдөрү, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Күршад Дулкадир, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү Тахир Осман Тахир, окутуучулар, коноктор жана студенттер катышты.

КТМУнун биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев бүгүнкү күндө мындай сабактарга жана таалимдерге муктаждык бар экенин айтып, иш-чаранын маанилүүлүгүн белгилеп, “Азыр дүйнөгө көз чаптыра турган болсок, кайсы гана булуң-бурчун карабайлы, согуш, талаш-тартыш жана конфликттер болуп жатат. Ушулардын баары эмнеден чыгып жатат, алардын башында ким турат? Адам, инсан турат. Эгерде ар бирибиз өзүбүздүн үстүбүздөн иштесек, ар бирибиз өзүбүздүн жан дүйнөбүзгө көңүл бурсак, тарбияласак, биз дагы кандайдыр бир деңгээлде тынчтыкта, бейпилдикте талашсыз, конфликтсиз жашайт элек”, – деди.

2007-жылы ЮНЕСКО Жалал ад-Дин Руми Мевлананын туулган күнүн белгилеп жатып, улуу гуманист даңазалап тараткан баалуулуктар ЮНЕСКОнун баалуулуктарына дал келет деп дүйнө жүзүнө жар салганын айткан Ибраев кайсы динде, улутта жана көз караште болбосун, алардын бири тынчтыкка чакыруу экенин белгиледи.

Биринчи проректор семинардын университеттин эл аралык структурасына да кошкон салымы тууралуу буларга токтолду: “Биздин университеттин өзгөчөлүгү – бир гана Кыргызстан менен чектелбестен, Түркиядан атайын белгилүү инсандар менен иш алып барганы, алардын окуу жайыбызга келип тажрыйбасы, билими менен бөлүшүп жатканы. Биздин жүрүм-турумубуз, адеп-ахлагыбыз өзгөрсө, анда бүгүнкү семинардан бир аз да болсо пайда алган болобуз деп эсептейм.”

Ибраев сөзүн “Манас” университетине тажрыйбасы, билими менен бөлүшүү максатында атайын убактысын бөлүп келген Фатих Чытлакка ыраазычылык билдирүү менен жыйынтыктады.

КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан сөзүн Азирети Мевлананын идеясына жана акылмандык дүйнөсүнө кайрылуу менен баштады.

Ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан өз сөзүндө Азирети Мевлананын маданий жана руханий баалуулугуна көңүл буруп, “Мевлана – түрк жана ислам цивилизациясынын эң көрүнүктүү инсандарынын бири. Аны түрк жана ислам чөйрөсүнөн чыгарууга аракет кылгандар болсо да, Мевлананын ой-пикирлери жана акылмандыктары – түп тамыры менен түрк жана исламга байланыштуу”, – деди.











“Манас” университети түптөлгөндөн бери Азирети Мевлананын дүйнөдөн кайткан күнүнө туш келген 17-декабрдан алдын жана андан кийин Шеб-и Арус рухуна ылайыктуу иш-чараларды өткөрүп келгенин белгилеген PhD., профессор Жейлан бул иш-чаралар аркылуу Мевлананы ар тараптан таанытууну жана анын терең философиясын бүгүнкү күндөгү адамдарга жеткирүү максатын көздөгөндөрүн билдирди.

“Биздин максат – Мевлана жалгыз гана Анадолунун эмес, Түркстандын да Мевланасы экенин эске салуу жана анын терең философиясын бүгүнкү күндөгү адамдарга жеткирүү”, – деген PhD., профессор Жейлан “Манас” университетинин түрк маданиятын жана баалуулуктарын түрк дүйнөсүнүн эң алыскы аймактарына чейин жеткирүү миссиясын баса белгиледи.

Бул алкакта поэзия, театр, дил баян, эссе жазуу жана сема зикири сыяктуу маданий иш-чаралар менен бирге радио жана телеканалдын программалары аркылуу Мевлананын философиясы ар тараптан каралып жатканын белгиледи. Ректор, PhD., профессор Жейлан университетке келип, өз билими жана тажрыйбасы менен бөлүшкөн М. Фатих Чытлакка ыраазычылыгын билдирүү менен сөзүн жыйынтыктады.

***Мевлана жана суфизмдин тереңдигине саякат***

Семинардын биринчи бөлүгүндө постнишин М. Фатих Чытлак угармандарды Мевлананын руханий дүйнөсү менен тааныштырды. Ал Мевлананын универсалдык үйрөтүүлөрүн жана Мевлевийлик салтынын негизги тармактарын таасирдүү тил менен баяндап, угармандарга суфизмдин тереңдигин түшүндүрдү.

Мевлананын адамзатка жол көрсөтүүчү универсалдуу билдирүүлөрүн жеткирген Чытлак суфизм тарбиясы жана адамдын өзүн изилдөөгө багытталган саякаты тууралуу таасирдүү бир перспективаны ачып берди. Презентацияда өзгөчө “акыл-салим”, “зевк-салим”, “калб-салим” жана “шевк-салим” түшүнүктөрү айтылды. Бул түшүнүктөрдүн заманбап адамдын жашоосундагы маанисин көптөгөн мисалдар менен түшүндүрүп, угармандардын аң-сезимин ойготуп, Мевлананын билдирүүлөрү бүгүнкү күндө кандай жол көрсөткүч болуп жатканын жеткирүүгө аракет кылды. Мындан тышкары, суфизм тарбиясынын адамга канчалык жарык бере аларын баса белгилеген бул презентация семинарга катышкан бардык адамдарга унутулгус таасир калтырды.

Семинардын экинчи бөлүгүндө М. Фатих Чытлак суфизм музыкасы жана Мевлевий ритуалдары боюнча бай баяндамасы менен катышуучуларга унутулгус тажрыйба тартуулады. Чытлак “кудум” аспабынын суфизмдеги ордун түшүндүрүп, бул эски аспаптын адамдын руханий саякатындагы символикалык маанисин угармандар менен бөлүштү.

Андан соң, Чытлак “ней” аспабынын маанисине токтолуп, анын ааламдын үнүн жеткирген бир символ экенин баса белгиледи.

***Сема зикири: Аллага болгон махабаттын ритмикалык саякаты***

Иш-чаранын аягында сахнага чыккан семазен менен бирге Мевлананын үйрөтүүлөрүнүн негизинде Мевлевийлик салтынын эң таасирдүү ритуалы болгон сема зикири катышуучуларга таанытылды. Постнишин Чытлак семазендердин кийимдеринен ритмикалык кыймылдарына чейин деталдуу түрдө түшүндүрүп, бул мистикалык ритуалдын терең руханий маанисин көрүүчүлөр менен бөлүштү. “Сема жөн гана асман дегенди билдирбейт; сема – Аллага болгон сүйүүсүн жүрөгүндө сезген жана ушул махабат менен ордунда тура албаган адамдарга берилген “Мен сенден ыраазымын” деген билдирүү”, – деп семанын терең жана руханий маанисине көңүл бурду.

Тарыхый жана руханий жактан бай иш-чараны өткөргөн М. Фатих Чытлак катышуучулардын купулуна толду.

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

# Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына арналган өзгөчө маңыздуу майрам

*2024-жылдын 9-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинин филология бөлүмү тарабынан мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына жана окуу жайдын 30 жылдыгына арналган “Билим – жашоо чырагы” аттуу иш-чара уюштурулду.*

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында өткөн аталган иш-чарага филология бөлүмүнүн башчысы, профессор Бурул Сагынбаева баштаган профессордук-окутуучулук курам, акын, жазуучу, коомдук ишмер Бүбайша Арстанбекова жана көптөгөн студенттер катышты.

Иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөгөн филология бөлүмүнүн башчысы, профессор Бурул Сагынбаева “Билим – жашоо чырагы” программасы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилдин үч айлыгын жарыялоо буйругунун негизинде “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата өткөрүлгөнүн айтты.

***Тил, маданият жана билим үч бурчтугундагы маңыздуу күн***

Филология бөлүмүнүн башчысы, профессор Бурул Сагынбаева өз сөзүндө студенттердин билим алуу менен гана чектелбестен, билимдин теориясын алып жатышканын баса белгилеп, “Эми практикалык жагын дагы көрөлү. Анткени филология бөлүмүндө классикалык адабият, Ата Мекендик адабият, тил, фольклор сыяктуу тармактарда билим берип жатабыз. Мына ошолордун баарын кайра эле студенттерге алган билимин поэзия, драма, жана ар кандай фольклордук чыгармаларда сценка коюу менен чагылдырып берүүнү туура көрдүк”, - деген бөлүм башчы Сагынбаева мындай иш-чаралардын көп уюштурулганы студенттердин жашоосунда унутпай турган бир өзүнчө бир тарыхый окуя болуп каларын белгиледи.

Кеченин кадырлуу коногу – акын, жазуучу жана коомдук ишмер Бүбайша Арстанбекова сахнадан орун алып, катышуучуларга “Курманжан Датка” эпикалык поэмасы тууралуу айтып берди. 2014-жылы “Курманжан Датка” аттуу поэмасы үчүн бүткүл дүйнөлүк “Open Central Asia Book Forum & Literature Festival” аттуу адабият сынагында татыктуу орунга ээ болгон Арстанбекова чыгарманын жазылыш тарыхы тууралуу кызыктуу маалыматтар менен бөлүштү.

Программанын жүрүшүндө жазуучу, публицист, драматург Мар Байжиевдин чыгармачылыгына арналган доклад окулду. Филология бөлүмүнүн студенттери театралдык жана музыкалык искусствону айкалыштырган ар тараптуу программа тартуулашты. Мамлекеттик тил тууралуу аткарылган ырлар, сахналаштырылган сценкалар жана ыр-бий менен коштолгон иш-чара көрүүчүлөрдүн купулуна толду.











# Кыргыз-Түрк “Манас” университети Түрк дүйнөсүнүн эл аралык инженердик конгрессинде

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

*Үстүбүздөгү жылдын 6-декабрында Түрк инженерлер ассоциациясы тарабынан уюштурулган “Түрк дүйнөсүнүн эл аралык инженердик конгресси” Анкаранын маалыматтык технологиялар жана байланыш башкармалыгынын (BTK) жыйындар залында болуп өттү.*

Аталган конгресске Түркия Республикасынын Транспорт жана инфраструктура министринин орун басары Өмер Фатих Саян, Түрк инженерлер ассоциациясынын төрагасы Яшар Йекебагжы, Мемур-Сен төрагасынын орун басары Хажы Байрам Тонбул, Түркиянын Каму-сен төрагасы Өндер Кахвежи, Президенттикке караштуу илим, технология жана инновация саясаттары кеңешинин мүчөсү Осман Жошкун жана Ак партиянын төрагасынын орун басары Бельгин Уйгур катышты. Мындан тышкары, конгрессте Кыргызстан, Казакстан жана Азербайжандан чакырылган баяндамачылар, окумуштуулар, академиктер орун алды.

***Түрк дүйнөсүнүн биримдиги жана орток келечеги***

Транспорт жана инфраструктура министринин орун басары Өмер Фатих Саян иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөп, инженерия тармагындагы жетишкендиктер Түрк-Ислам биримдиги жана орток маданий баалуулуктардын айланасында биригип, дагы да күчтүү келечекке багытталышы керектигин баса белгиледи. Саян орток баалуулуктар жана максаттар менен бириккен түрк дүйнөсүнүн ар кандай кыйынчылыктарда дагы натыйжалуу күрөшө аларын билдирди.

Илимий иш-чарага Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин инженердик факультетинин электроника жана электр инженерлиги бөлүмүнүн башчысы, PhD., профессор Мирбек Турдуев конок баяндамачы катары катышты.

Конгрессте Түрк-Ислам цивилизациясынын маанилүү инсандары Аль-Фараби жана Аль-Жазаринин инженерия тармагына кошкон салымдары баса белгиленип, алардын эмгектери бүгүнкү инженердик билимин шыктандырып жатканы айтылды. Анда Аль-Фарабинин математикалык маселелерди чечүүгө багытталган ыкмалары менен Аль-Жазаринин механикалык принциптеринин заманбап инженерияда чагылдырылышына өзгөчө көңүл бурулду.

***Түрк дүйнөсүндөгү инженерияда жаңы горизонттор***

Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайийп Эрдогандын жетекчилигинде башталган “Улуттук технология кыймылы” концепциясынын түрк инженерлеринин эл аралык аренадагы жетишкендиктерин бекемдегени белгиленди. Конгрессте түрк дүйнөсүндөгү UAV жана UCAV технологиялары, ата мекендик спутниктер, 5G технологиясы жана кайра жаралуучу энергия долбоорлору сыяктуу тармактарда жетишкендиктер баса белгиленди. Мындан тышкары, түрк дүйнөсүндөгү инженердик жана технологиялык өнүгүүлөр талкууланып, ага ылайык, түрк дүйнөсүнүн биримдиги жана инженердик кызматташтыкты чыңдоо керектиги баса белгиленди. Бул биримдиктин негизинде түрк дүйнөсүнүн экономикалык жана технологиялык көз карандысыздыгына салым кошо ала турганы айтылды.

Конгресске конок баяндамачы катары чакырылган “Манас” университетинин инженердик факультетинин электроника жана электр инженерлиги бөлүмүнүн башчысы, PhD, профессор Мирбек Турдуев “Фотоникалык структураларды долбоорлоодо интеллектуалдык оптималдаштыруу методдору: Жасалма интеллект жана машинаны үйрөнүү” деген темада презентация жасады. Анда жогорку тактыкты жана татаалдыкты талап кылган фотоникалык конструкцияларды долбоорлоо процесстеринде жасалма интеллекттин (AI) жана машинаны үйрөнүүнүн (ML) өзгөртүүчү ролуна токтолду. Презентациясында PhD., профессор Турдуев бул акылдуу ыкмалардын изилдөө жана өнөр жайдагы трансформациялык эффекттерин баса белгиледи.

PhD., профессор Турдуев презентациясынын соңунда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин билим берүү жана изилдөө тармагындагы ишмердүүлүгүн таанытып, окуу жайдын инженерия тармагындагы салымдары тууралуу катышуучуларга айтып берди.

Конгресс инженерлердин арасында кызматташтыкты бекемдеп, келечектеги өнүгүүлөр үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууга багытталган маанилүү кадам катары бааланды.







# “Манас” университетинде түрк дүйнөсүнүн боордоштугу чыңдалууда: “Гейдар Алиев жана Азербайжандын жеңиши” программасы

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ





***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чамгарагында 2024-жылдын 11-декабрында Азербайжандын экс-президенти жана улуттук лидери Гейдар Алиевди дүйнөдөн кайткандыгынын 21 жылдыгында эскерүү максатында маанилүү иш-чара өткөрүлдү. Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы элчилиги тарабынан уюштурулган “Гейдар Алиев жана Азербайжандын жеңиши” аттуу программа Алиев калтырган терең мурасты жана Азербайжандын көз карандысыздык үчүн күрөшүндөгү тарыхый жеңишин дагы бир жолу эске салды.***

КТМУнун социалдык курулуштар имаратында өткөн эскерүү программасына Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Латиф Гандилов, Казакстан Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Рапиль Жошыбаев, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү Тахир Осман Тахир, Бишкек шаарынын вице-мэри Рамиз Алиев, Азербайжан Республикасынын жаштар фондунун мүчөлөрү, окуу жайыбыздын окумуштуулар жана башкаруу кеңешинин мүчөлөрү менен басма сөз кызматкерлери катышты.

***Иш-чара Азербайжандын улуттук лидери Гейдар Алиев жөнүндө даярдалган тасманы көрсөтүү менен башталып, андан соң ачылыш сөздөр менен уланды.***

Программанын ачылыш сөзүн сүйлөгөн КТМУнун ректору, PhD., профессор Жейлан 2003-жылдын 12-декабрында дүйнөдөн кайткан Гейдар Алиевди урматтоо менен эскерип, анын өзүнүн өлкөсүнө арнаган 80 жылдык өмүрү менен азербайжан элинин жүрөгүндө орун алган лидер жана мамлекеттик ишмер экенин баса белгиледи.

PhD., профессор Жейлан Гейдар Алиевдин мезгилинде Азербайжан менен Түркиянын мамилеси өнүккөнүн белгилеп, “Алиев ар бир мүмкүнчүлүктө Түркия менен орток кызыкчылыктар жана аймактык тынчтыкты камсыздоо максатында биригүү керектигин айткан жана реалдуу максаттарды көздөгөн саясий багыттарды колдогон”, – деди.











PhD., профессор Жейлан Гейдар Алиевдин 2001-жылы Түркияга жасаган расмий сапарында Түркиянын Улуу улуттук жыйында сүйлөгөн сөзүнө токтолуп, “Мустафа Кемал Ататүрк түзгөн Түркия бир гана Түркия Республикасы үчүн эмес, бүтүндөй түрк дүйнөсү үчүн, Азербайжан үчүн түзүлгөн”, – деп, Түркиянын Азербайжанда гана эмес, түрк дүйнөсүндөгү маанисине өзгөчө басым жасаган”, – деп белгиледи.

PhD., профессор Жейлан Алиевдин “Бир улут, эки мамлекет” түшүнүгү менен Түркия менен Азербайжандын мамилелерин чыңдап, достук, боордоштук жана кызматташтык мамилелерин улантуу менен өнүктүргөнүн билдирди.

***“Бир улут, эки мамлекет” түшүнүгү “Манас” университетинде жаңырды***

PhD., профессор Жейлан өз сөзүндө 2-Карабах согушу учурунда Түркия Республикасынын бардык уюмдары менен бирге боордош Азербайжанга көрсөткөн колдоосун баса белгилеп, “Президентибиз Режеп Таййип Эрдогандын Арменияның Азербайжандын аймактарына жасаган чабуулдары менен айыптаган билдирүүлөрү, Түркия бардык мүмкүнчүлүктөрү менен Азербайжандын жанында экендигин билдирүүсү бизди да сыймыктандырды”, – деди.

PhD., профессор Алпаслан Жейлан сөзүнүн соңунда Гейдар Алиевди, Карабахтын шейиттерин жана ардагерлерин урматтоо менен эскерди.

Казакстандын Кыргызстандагы элчиси Рапиль Жошыбаев өз сөзүндө Гейдар Алиевдин лидерлиги жана жогорку саясий сапаттары аркылуу Азербайжан менен бүтүндөй түрк элдеринин тарыхында өчпөс из калтырганын баса белгиледи. Элчи Жошыбаев: “Алиевдин калктар ортосундагы достук жана бир туугандык байланышты бекемдөө боюнча салымы баа жеткис,” – деп билдирди. Ошондой эле Казакстан менен Азербайжандын ортосундагы көп жылдан бери уланып келе жаткан тыгыз жана бир туугандык мамилелерге кубанычта экенин кошумчалады.

Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү (ТКТР) Тахир Осман Тахир эскерүү иш-чарасында сүйлөп жатып, Гейдар Алиевди түрк дүйнөсүнүн жана Азербайжандын тарыхына өчпөс из калтырган лидер экенин айтып, “Гейдар Алиев социалдык, маданий жана саясий чөйрөлөрдө калтырган туруктуу мурасы менен ар дайым эсте калат. Жаткан жери жайлуу болсун!” – деди.

Бишкек шаарынын вице-мэри Рамиз Алиев да Гейдар Алиевдин Азербайжанга кошкон салымын белгилеп, өз сөзүндө Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы кызматташтык мыкты өңүттө уланып жатканын айтты.

Азербайжан Республикасынын жаштар фондунун мүчөсү Сейфур Хажимурадов өз сөзүндө Гейдар Алиевдин салымы фонд үчүн баа жеткис экенин белгиледи. Хажимурадов: “Фонддун колдоосу менен Азербайжандын жаштары түрк дүйнөсүндө таанымал болуп, эл аралык деңгээлде өкүлчүлүк кылып жатышат,” – деп Гейдар Алиевге болгон ыраазычылыгын билдирди.

Программанын жыйынтыктоочу сөзүн сүйлөгөн Азербайжандын элчиси Латиф Гандилов иш-чараны уюштурган КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейланга ыраазычылык билдирди.

Элчи Гандилов өз сөзүндө мурдатан бери жетишкен ийгиликтердин артында улуу лидерлер турганын жана алардын орду чоң экенин белгилеп, “Мустафа Кемал Ататүрк Түркияны бүгүнкү күчтүү абалга жеткирген сыяктуу, Гейдар Алиев да Азербайжанды кайрадан көтөргөн лидер болгон,” – деди. Алиевдин Советтер Союзу учурундагы улуттук иденттүүлүгү жана көз карандысыздык идеялары үчүн системадан четтетилгенин, бирок күрөшүүгө болгон эркин эч качан жоготпогонун айтты. “Ден соолугуна коркунуч туудурган шарттарга карабай, Азербайжанга кайтып келип, элине кызмат кылган Алиев, Нахчыванда желекти желбиретип, элине дем берип, лидерлик сапатын көрсөткөн улуу үлгү болгон. Карабах сыяктуу кыйын кезеңде анын чечкиндүүлүгү Азербайжандын эркиндигине болгон күрөштү күчтөндүрдү. Бүгүн Нахчыван менен Азербайжандын улуттук биримдикте жашап жаткандыгы анын миссиясынын жыйынтыгы. Калк ар дайым Алиевге ишенип, шайлоодо ага колдоо көрсөткөн. Мындай колдоо лидердин калк менен болгон бекем байланышынын көрсөткүчү болуп эсептелет,” – деп белгиледи.

Элчи Алиевдин өзүнө болгон ишеними жана калк арасындагы бекем байланышы чоң жетишкендиктерге жеткиргенин баса белгилеп, “Бүгүн Азербайжандын эгемендиги жана аймактык бүтүндүгү үчүн жасалган ар бир кадамдан анын эмгегин жана миссиясын көрүүгө болот,” – деп сөзүн жыйынтыктады.

Иш-чаранын соңунда Азербайжандын Карабах жеңиши жана Гейдар Алиевдин лидерлиги тууралуу даректүү тасмалар көрсөтүлдү. “Манас” телеканалы Азербайжандын элчилиги тарабынан уюштурулган “Гейдар Алиевдин бюстунун ачылыш аземи” боюнча атайын репортаж берди. Бул өзгөчө эскерүү программасында Алиевдин лидерлиги жана Азербайжандын тарыхындагы орду канчалык жогорку экендиги көрсөтүлдү.

КТМУда ушундай маанилүү иш-чаралардын уюштурулуусу түрк дүйнөсүнүн биримдик жана бир туугандык сезимдерин жандандырып, Г. Алиевдин түбөлүктүү мурасына болгон берилгендигин дагы бир жолу тастыктады.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети – түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктарын сактоону, келечек муундарга өткөрүп берүүнү жана маданий биримдикти бекемдөөнү максат кылган билим берүү борбору. Түрк дүйнөсүнүн ар кайсы аймактарынан келген жаштарды бириктирип, бир туугандык байланышты чыңдап келе жаткан КТМУ, ушундай иш-чаралар аркылуу улуттук жана руханий баалуулуктарды сактоого чоң салым кошууда. Түрк дүйнөсүнүн ынтымагын жана биримдигин дагы да бекемдеп, келечекке муунга өткөрүүнү максат кылган окуу жай бул багытта маанилүү роль аткарып келет.

# “Манас” университетинде маанилүү иш-чара: “Карабахтагы 30 жылдык экотеррор чындыктары”

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

*2024-жылдын 13-декабрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чамгарагында “Карабахтагы 30 жылдык экотеррор чындыктары” аттуу китептин бет ачары болуп өттү.*







Ректорлуктун жыйындар залында өткөн иш-чарага Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Латиф Сейфаддин оглы Гандилов, КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, Жаш калемгерлер биримдигинин башчысы Интикам Яшар, Кыргызстандагы “Маариф” фондунун директорунун орун басары Кыялбек Акматов, Азербайжан жаштар фондунун мүчөсү Сейфур Хажимурадов, академиялык жана административдик кызматкерлер менен бирге студенттер катышты.

Китептин бет ачары Кыргызстан, Түркия жана Азербайжандын мамлекеттик гимндерин аткаруу менен башталып, андан соң КТМУнун таанытуу тасмасы көрсөтүлдү

Иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөгөн биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев: “Бир нече багыттан алып караганда университетте өтө маанилүү иш-чара болуп жатат. Биринчиден, дүйнө жүзүндөгү жүрүп жаткан глобалдык процесстер, экинчиден, бул биздин тарыхыбызга, маданиятыбызга байланыштуу, бир гана Азербайжан өлкөсүнө эмес бүткүл түрк дүйнөсүнө тиешелүү бир көйгөй десек жаңылышпайбыз”, – деп, Тоолуу Карабахтагы 30 жылдык кагылышуу – адамзаттын башынан өткөн трагедиялык тарых экенин, бул аймакта болгон кайгылуу окуялардын кесепетинен 30 миңден ашуун адам каза болуп, миллиондогон адамдардын тагдырына терең изин калтырганын белгиледи.

“Карабахтагы 30 жылдык экотерроризмдин чындыгы жана анын кесепеттери тууралуу бул эмгек – экологиялык кылмыштын терең талдоосу. Отуз жыл бою бул аймакта болуп өткөн экологиялык кыйроо, талкалоочу чарбалык иш-аракеттер жана адамзат менен жаратылыш ортосундагы трагедиялуу карама-каршылыктын  толук сүрөтүн берет деп ишенем”, – деген биринчи проректор китеп келечектеги муун үчүн да баа жеткис булак болуп саналарын айтты.

Тоолуу Карабахтагы кагылышуу – бул тек гана аймактык талаш эмес, адамзаттын өзүнүн адамгерчиликтүүлүгүнө, жаратылышка мамилесине болгон сынагы экенине көңүл бурган Ибраев: “Бул эмгек – тынчтыкка, өз-ара түшүнүүгө жана адамдардын ынтымагына чакыруу болуп саналат. Китептин жарык көрүшүнө өз салымын кошкон бардык изилдөөчүлөргө жана авторлорго терең ыраазычылыгымды билдирем!” – деди.

Карабах – азап тарткан, кыйынчылыкты башынан өткөргөн, бирок бир күн да кутуларынан күмөн санатпаган мекендин бир бөлүгү экенин айткан ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан буларга токтолду: “Эң кыска убакытта мурдагыдан дагы жакшы абалга келерине эч күмөнүм жок. Азаптар, кыйынчылыктар болбосо жакшы күндөрдүн мааниси жок. Биз азапты башыбыздан өткөрдүк, бирок Карабах жеңишинин жылдыгын белгиледик.”

“Манас” университети менен Азербайжандын ортосунда тыгыз байланыш уланып жатканына көңүл бурган ректор: “Карабах аймагына да өзгөчө көңүл бурабыз. Маалым болгондой, ал жакта университет ачылды, биз бул окуу жай менен тыгыз кызматташабыз. Эмдиги жылы биздин мугалимдердин айрымдары ошол жерде болушкандай, университет катары студенттердин бир бөлүгүн да Карабахта болушун камсыз кылабыз.”

Жазылбагандын баардык нерсе убакыттын өтүшү менен жок болот. Кагазга төгүү керек, сөзсүз документтештирүү керек. Тарых илими да бул документтер аркылуу иш алып барат. Документиңиз болсо, эч ким аны тана албайт”, – деген Жейлан Карабахта көптөгөн жазуулар сакталганын жана аларды бүт дүйнө таанып, көрөрүн, зордук-зомбулуктун көлөмүн баары аңдайт деген ишеничин билдирди.

Экотерроризм: Карабахтагы экологиялык кыйроонун 30 жылдык тарыхы

Ректор, PhD., профессор Жейлан өз сөзүндө: “Бүгүн тааныштырылган эмгек экологиялык терроризмдин табиятын, маданий жана тарыхый эстеликтерди кантип жок кылганын Карабахтын мисалында изилдеген маанилүү изилдөө болуп эсептелет. Бул эмгек дүйнө туш болгон терроризмдин түрүн изилдөө менен эле эмес, түрк элинин табият менен болгон бекем мамилесин баса белгилеп, дүйнөлүк экологиялык терроризм тууралуу кенен маалымат берүүчү чыгарма экени талашсыз. Бул эмгектин жаралышына, таанылышына салым кошкондорго ыраазычылык билдирем. Окурмандары көп болсун”, – деди.

Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Латиф Гандилов эмгек Карабахтагы экологиялык кыйроонун масштабын көрсөткөнүн билдирип, “Бул китеп – мурда болуп өткөн экологиялык кырсык тууралуу гана эмес, келечекке сабак болчу эскертүү. Ошондой эле китеп эл аралык коомчулуктун аң-сезимин ойготот”, – деген ишеничин билдирди.

Иш-чара “Карабахтагы 30 жылдык экотеррор чындыктары” китебинин бет ачарынын илимий жыйыны менен уланды. Жаш калемгерлер биримдигинин башчысы Интикам Яшардын модераторлугунда өткөн илимий жыйында баяндамачылар; Кыргызстандагы “Маариф” фондунун директорунун орун басары Кыялбек Акматов, Азербайжан жаштар фондунун мүчөсү Сейфур Хажимурадов жана КТМУнун гуманитардык факультетинин синхрондук котормо бөлүмүнүн кыргызча-түркчө программасынын ага окутуучусу Мүхиддин Гүмүш баяндама жасашты. Алар Карабахтагы 30 жылдык экотерроризм жана анын кесепети, ошондой эле калыбына келтирүү боюнча иш-аракеттер тууралуу сөз кылышты.



# Ректор, PhD., профессор Жейландын факультеттерге болгон сапары: Академиялык ийгиликтерге колдоо көрсөтүү





БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

*Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейландын жетекчилигинде факультеттердин академиялык жыйындары өткөрүлдү.*

Ректор Жейлан 2024-жылдын 21-ноябрынан 13-декабрына чейин факультеттердин жыйындарына катышып, университеттин академиялык ишмердүүлүгүн жакындан изилдеп, максаттарга жетүү боюнча баа берди.

Проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков да катышкан жыйындарда ар бир факультеттин учурдагы абалы, 2025-жылдагы максаттарына ылайык миссиясы, концепциясы жана стратегиялары талкууланып, пикир алмашуу жүргүзүлдү.

“Манас” университети академиялык жыйындары менен келечектин жол картасын түзүүдө

PhD., профессор Жейлан факультеттерге болгон сапарында окутуучулардын ишмердүүлүгү тууралуу кенен маалымат алды. Факультеттердин билим берүү, изилдөө жана коомго кызмат кылуу багытындагы көрсөткүчтөрү бааланып, студенттердин муктаждыктарына ылайык чечимдерди сунуштоо маселелери да талкууланды.

PhD., профессор Жейлан ар бир факультеттин жетишкендиктерин жакындан көзөмөлдөп турганын белгилеп, “Биз, Кыргыз-Түрк “Манас” университети, өлкөнүн да, студенттердин да келечегине багыт бере турган долбоорлор менен жолубузду улантып жатабыз. Академиялык кызматкерлерибиздин берилгендик менен иш алып баруусу – бул ийгиликтердин негизги пайдубалын түзөт”, – деди.

Мындан тышкары, жыйындарда студенттердин сапаттуу билим алуусу үчүн жасалган аракеттер жогору бааланды.

Ректор баштаган топтун факультеттерге болгон сапары университеттин күчтүү академиялык келечекке кадам таштоо максатын бекемдөө менен бирге факультеттер менен жетекчилик ортосундагы байланышты да чыңдады.





# Эбру искусствосу жана түрк элдик ырлары түрк дүйнөсүн бириктирди

*2024-жылдын 29-ноябрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин конгресс жана маданият борборунда эбру устаты Хикмет Барутчугилдин катышуусу менен "Орток түрк алфавити" темасында эбру көргөзмөсү жана түрк элдик ырларынын концерти болуп өттү.*

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ



Аталган иш-чара "Анадолу" Кыргыз-Түрк кыздар кесиптик лицейи жана "Багжылар" Хикмет Барутчугил көркөм өнөр лицейинин кызматташтыгында уюштурулду. Ага КТМУнун проректору, PhD., профессор Режаи Доган, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Күршад Дулкадир, эбру устасы Хикмет Барутчугил, "Багжылар" Хикмет Барутчугил көркөм өнөр лицейинин директору Мурат Ачыкалын, "Анадолу" Кыргыз-Түрк кыздар кесиптик лицейинин директору Мустафа Огуз, КТМУнун көркөм өнөр факультетинин деканы, PhD., профессор Күршад Гүлбейаз, окутуучулар жана студенттер катышты.


Иш-чаранын жүрүшүндө сөз сүйлөгөн Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин проректору, PhD., профессор Режаи Доган эбру искусствосунун маанисин баса белгилеп, "Бул иш-чара түрк дүйнөсүнүн биримдигине жол ачкан маанилүү кадам. Бир тарыхтан чыккан элбиз жана бул байланышта тилдин жана жалпы алфавиттин мааниси абдан чоң. Биздин максаттарыбыз бирдей экенин дагы бир жолу көрдүк", – деди. PhD., профессор Доган ушул сыяктуу иш-чараларга окуу жайыбыз ар дайым колдоо көрсөтүүгө даяр экенин кошумчалады.



Эбру чебери Хикмет Барутчугил сөзүн иш-чаранын уюштуруучуларына ыраазычылык билдирүү менен баштап, буларга токтолду: "Искусство - чексиз сулуулукту, эстетиканы жана түстөрдүн кооздугун камтыйт. Андан башка эч кандай чек жок – тилге, расага, кесипке карабайт. Ошондуктан искусство ар бир адамга жетет. Эмгектин көлөмүн дагы да көбөйтөлү, келечекке багытталган биримдикти арттыралы!"

Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Күршад Дулкадир: "Мындай иш-чараларды жана долбоорлорду өнүктүрүү менен түрк дүйнөсүнө чоң салым кошууну көздөйбүз. Бул жаатта Кыргыз-Түрк "Манас" университети, "Анадолу" Кыргыз-Түрк кыздар кесиптик лицейи жана башка түрк окуу жайлары тынымсыз иш алып барышууда", - деди.

Иш-чаранын жүрүшүндө студенттердин аткаруусунда жаңырган түрк элдик ырлары жана бийлер көпчүлүктүн көңүлүнөн түнөк таап, түрк маданиятынын байлыгын чагылдырды.







# Кыргыз-Түрк "Манас" университетине Түркиянын "Диянет" фонду келди



Түркиянын "Диянет" фондунун камкорчулар кеңешинин 2-төрагасы, доцент Фатих Курт, башкы директору Изани Туран жана Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин диний кызматтар боюнча кеңешчиси Салих Сезик 2024-жылдын 19-декабрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен жолугушту.

Жолугушуу учурунда эки мекеменин ортосунда билим берүү жана маданий кызматташтыкты өнүктүрүү максаттары талкууланып, айрыкча билим берүү тармагында жүргүзүлгөн иш-чаралар боюнча өз ара пикир алмашуу орун алды.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан бул жолугушууга абдан кубанычта экенин айтып, окуу жайдын аймактагы билим берүү миссиясы жана жүргүзгөн иш-аракеттери тууралуу маалымат берди.

Жолугушуу Түркиянын "Диянет" фонду менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ортосундагы мамилелерди чыңдоо боюнча жакшы тилектердин айтылуусу менен аяктады.

# Маданияттар аралык жолугушуу: Орхун программасынын студенттери КТМУда

БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ

2024-жылдын 20-декабрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин проректору, PhD., профессор Режаи Доган Орхун алмашуу программасы жана эки тараптуу кызматташтык келишиминин алкагында окуу жайыбызга келген студенттер менен жолугушту.

Жолугушууда студенттер өздөрүн тааныштырып, "Манас" университети тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөр үчүн жетекчиликке ыраазычылык билдирүү менен окуу жайда алган тажрыйбалары жеке өнүгүүгө жана академиялык жашоого чоң салым кошконун белгилешти.





Проректор, PhD., профессор Режаи Доган студенттерге кайрылып, "Жергиликтүүнү түшүнүү жана өздүгүн жергиликтүүлөрдөн алуу абдан маанилүү. Бул адамдын бир гана өзүн таануусу эмес, ошол эле учурда маданиятына жана тарыхына ээлик кылуусу дегенди билдирет", – деп, маанилүү сөздөр менен бөлүштү. "Манас" университети ар түрдүү тилдерди, маданияттарды жана дүйнөнү таанып билүүгө мүмкүнчүлүк берген окуу жай экенин баса белгилеген PhD., профессор Доган: "КТМУда билим алган ар бир студент түрдүү көз караштарга ээ болуу менен дүйнөнү кененирээк изилдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ", – деди.

КТМУнун тышкы байланыштар бюросунун директору, док. Кадри Акгүн программанын алкагында университетке келген студенттерге ийгиликтерди каалап, алардын алган билими карьераларына жана келечектеги максаттарына чоң салым кошоруна ишенерин билдирди.





Андан соң Орхун алмашуу программасы жана эки тараптуу кызматташтык келишиминин алкагында окуу жайыбызга келген студенттерге сертификаттар ыйгарылды.

Жолугушуу жамааттык эстеликке сүрөткө түшүү менен соңуна чыкты.

# Кыргыз-Түрк “Манас” университети “Таза спорт - таза жеңиш” темасын камтыган даректүү тасмалар сынагында өзгөчөлүк жаратты

*Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигинин алдында түзүлгөн “Улуттук антидопинг борбору” допингке каршы күрөшүү дирекциясы тарабынан уюштурулган “Таза спорт - таза жеңиш” темасын камтыган даректүү тасмалардын жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болуп өттү.*







КТМУнун студенттери арасында жарыяланган кыска метраждуу документалдык тасмаларды баалоо жыйыны 2024-жылдын 18-декабрында коммуникация факультетинин кинозалында өткөрүлдү. Иш-чарага КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары, Дене тарбия жана спорт департаментинин директору Айбек Абдымомунов, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин проректору, PhD., профессор Камалбек Карымшаков, “Улуттук доппинге каршы борбор” дирекциясынын директору Нургүл Кермакунова, коомдук ишмер, оор атлетика боюнча Олимпиада оюндарынын чемпиону, “Таза спорт-таза жеңиш” даректүү тасмалар сынагынын комиссиясынын төрагасы Каныбек Осмоналиев, комиссия мүчөлөрү, окутуучулар жана студенттер катышты.

Аземдин ачылыш сөзүн сүйлөгөн КТМУнун коммуникация факультетинин деканы доцент, Угур Үнал студенттер тарткан тасмалар коомдо маалымдуулукту арттырарына көңүл буруп, режиссерлорду куттуктап, ийгилик каалады. Куттуктоо сөзү үчүн сахнадан орун алган КТМУнун проректору, PhD., профессор Камалбек Карымшаков спортко багытталган иш-чаранын өзгөчөлүгүн баса белгилеп, буларга токтолду: “Сынакты уюштуруп, демилгени көтөргөн Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин өкүлдөрүнө ыраазычылык билдирем. Баса белгилеп кетчү нерсе, сынак “Манас” университетинин студенттери үчүн гана уюштурулуп жатат. Бул университет менен министрликтин ортосундагы кызматташтыктын жакшы белгиси, ошондой эле окуу жайдын студенттерине болгон чоң жоопкерчилик.”

КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары, Дене тарбия жана спорт департаментинин директору Айбек Абдымомунов: “Комиссиянын мүчөлөрү менен биргеликте допингге каршы спортту чагылдырган, азыркы замандын талабына жараша сюжетти камтыган тасмаларды карап жеңүүчүлөрдү аныктайбыз. Бул тасмалардын күчтүүлөрү жеңсин. Баарыңыздарга ийгилик каалайм”, - деди.

Коомдук ишмер, оор атлетика боюнча дүйнөнүн 4 жолку чемпиону болгон туңгуч кыргыз Каныбек Осмоналиев өз сөзүндө ар бир адамдын оюу таза болсо, кылган иштери да таза болорун айтып, мындай деп улантты: “Бизде кандай гана адамдар, акылмандар болгон, бүт баарынын ойлогону, кылган кызматы таза болгон үчүн бүгүн биздин мамлекеттүүлүгүбүз, тилибиз, маданиятыбыз жана өлбөсөчпөс тарыхыбыз бар. Ошондой эле спортто да өзүнө ишенгендер, таза, түз жүргөндөр допингди колдонбойт. Ар бир студент, ар бир дене тарбиячы, ар бир жаран биздин келечегибиз таза болсун десе, спорттун тазалыгына чоң көңүл бурушу керек.”

Сынакка катышкан даректүү тасмалар көрсөтүлүп, калыстар тобу тарабынан бааланды. Калыстар тобу тасмалардын креативдүүлүгүнө баа берип, жалпы катышуучуларга ыраазычылык баракчалары ыйгарылды. Ал эми байгелүү орундарды ээлеген тасмаларды тарткан студенттер ардак грамоталар жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

“Манас” университетинин атынан жаш режиссерлорду куттуктап, чыгармачыл ийгиликтерди каалайбыз!


**БАСМА СӨЗ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ**


















# Кампустан кадрлар

Өмер Куфреви


**• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси**

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili. Prof. Dr. Almaz İbrayev - Биринчи проректор саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев

**• Genel Yayın Yönetmeni**

Doç. Dr. Uğur Ünal, Доц. Докт., Угур Унал

**• Yayın Koordinatörü**

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

**• Danışma Kurulu - Кеңешчи тобу**

Doç. Dr. Erdoğan Akman-Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан

Doç. Dr. Gülzada Stanaliyeva – Доц. докт. Гүлзада Станалиева

**• Editör-редакторлор**

Yrd. Doç. Dr. Topçugül Narmamatova - Доц. м.а. докт. Топчугүл Нармаматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

**• Editör Yardımcıları-Редактордун орун басары**

Gülnazira İsmail Kızı - Гүлназира Исмаил кызы

**• Gazete Tasarımı-дизайн**

Ravşan Abdullayev

**• Muhabirler-корреспонденттер**

**Анара Гулбаева - Anara Gulbaeva**

**Салтанат Туратбекова - Saltanat Turatbekova**

**Айзада Жунузалы кызы - Ayzada Cunuzalı kızı**

**Марлен Корошов - Marlen Koroşov**

**Сезим Муканбет кызы - Sezim Mukanbet kızı**

**Жылдыз Муратбекова - Cıldız Muratbekova**

**Хафиза Сыдыкова - Hafiza Sıdıkova**

**Nisa Nur Kesik - Ниса Нур Кесик**

**Hatice Elçim Salık - Хатиже Элчим Салык**

**• Yazışma Bilgileri**

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164